ОБСЕ - КЫРГЫЗСТАН
30 лет в одной семье

SOCIAL TECHNOLOGIES AGENCY
АГЕНТСТВО СОЦИАЛЬНЫХ ТЕХНОЛОГИЙ

Norwegian Ministry of Foreign Affairs

Ulkoministeriö Utrikesministeriet Ministry for Foreign Affairs of Finland

Federal Foreign Office

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

Swiss Agency for Development and Cooperation SDC

30 YEARS OSCE ODIHR
30 years of strengthening democracy and human rights

# Кыргыз Республикасында саясаттагы аялдарга карата зомбулук: изилдөөнүн жыйынтыктары

**Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюму (ЕККУ)**
**тарабынан каржыланган**
**«Парламенттик жана жергиликтүү кеңештерге шайлоолордо шайлоо процесстеринин инклюзивдүүлүгүн бекемдөөгө колдоо көрсөтүү»**
**долбоорунун алкагында**
**«Социалдык технологиялар агенттиги» КБ тарабынан жүргүзүлгөн**

*Авторлору: З. Кочорбаева, Н. Пригода, Б. Исланбекова, М. Тюлегенов*

**Кыргызстан**
**ноябрь 2021 – январь 2022**

# МАЗМУНУ


**1. ИЗИЛДӨӨНҮН КОНЦЕПТУАЛДЫК ЖАНА МЕТОДОЛОГИЯЛЫК АЛКАКТАРЫ ... 3**

1.1. Изилдөөнүн максаты жана методдору ... 3

1.2. Баштапкы чекит: Кыргызстанда аялдардын саясатка аралашуусунун учурдагы абалы ... 5

1.3. Респонденттердин портрети ... 10

**2. САЯСАТТАГЫ АЯЛДАРГА КАРАТА ЗОМБУЛУККА КАРШЫ ЭЛ АРАЛЫК УКУКТУК ЖАНА САЯСАТТЫК ДЕМИЛГЕЛЕРИ ... 14**

2.1. Саясатчы аялдарга карата зомбулукка эл аралык укуктук көз караш... 14

2.2. Глобалдык жана регионалдык саясий демилгелер ... 21

**3. САЯСАТТАГЫ АЯЛДАРГА КАРАТА ЗОМБУЛУКТУН ФЕНОМЕНИ ИЗИЛДӨӨЧҮЛӨРДҮН КӨҢҮЛ БОРБОРУНДА: КЫСКАЧА ЭКСКУРС ... 25**

3.1. Саясатчы аялдарга карата зомбулукту изилдөө боюнча чет элдик тажрыйба 25

3.2. Кыргызстанда аялдарга карата зомбулукту изилдөө ... 27

**4. УЛУТТУК УКУКТУК КОНТЕКСТ ... 31**

4.1. Аялдардын саясатка аралашуусундагы гендердик теңчиликтин укуктук негиздери ... 31

4.2. Шайлоо мыйзамдарынын укуктук негиздери ... 32

4.3. Аялдарга карата зомбулук улуттук мыйзамдар жагынан ... 36

**5. КЫРГЫЗСТАНДА САЯСАТЧЫ АЯЛДАРГА КАРАТА ЗОМБУЛУКТУН ФОРМАЛАРЫ ЖАНА ТҮРЛӨРҮ ... 39**

5.1. Физикалык зомбулук ... 39

5.2. Психологиялык зомбулук ... 40

5.3. Экономикалык зомбулук ... 42

5.4. Сексуалдык зомбулук жана куугунтуктоо ... 44

5.5. Масс-медиадагы зомбулук ... 45

**6. КЫРГЫЗСТАНДА САЯСАТЧЫ–АЯЛДАРГА КАРАТА ЗОМБУЛУКТУН СЕБЕПТЕРИ ЖАНА КЕСЕПЕТТЕРИ ... 48**

**КОРУТУНДУЛАР ... 51**

**СУНУШТАМАЛАР ... 56**

# 1. ИЗИЛДӨӨНҮН КОНЦЕПТУАЛДЫК ЖАНА МЕТОДОЛОГИЯЛЫК АЛКАКТАРЫ

## 1.1. Изилдөөнүн максаты жана методдору

Бул изилдөөнүн **максаты** – шайлануучу мамлекеттик кызмат орундарын ээлеген кызматтарга талапкер болгон же коомдук чөйрөдө саясий активдүү болгон аялдарга жасалган зомбулуктун ар кандай түрлөрүн аныктоо, ошондой эле бул көрүнүштүн масштабдарын кыскартуу үчүн сунуштамаларды иштеп чыгуу.

Изилдөө сандык (анкеталык сурамжылоо) жана сапаттык (кабинеттик талдоо, терендетилген интервьюлар, кейстерди изилдөө, социалдык тармактарды талдоо) изилдөө ыкмаларын колдонуусу менен аткарылган. Мындай комплекс жалпы тенденцияларды көрүүгө (сандык талдоо), ошондой эле аялдардын тажрыйбасын айтууга жардам берет.

**Кабинеттик талдоо** кабыл алынып жаткан чечимдерде жана шайлоо процесстерин жөнгө салуу жана массалык маалымат каражаттарында жана социалдык медиада жек көрүү тилин колдонуу учурларына реакция кылуу боюнча мыйзам жоболорунда чагылдырган саясий алкактарын карап чыгуу үчүн колдонулган.

**Социалдык тармактарды талдоо.** Саясатчы аялдар дуушар болгон зомбулук жасоонун моделдерин сапаттык талдоо. Талдоого изилдөө иши учурунда Интернетте зомубулукка туш келгендигинин конкреттүү мисалдары менен аныкталган тандалып чыккан 10 талапкер аялдардардын жана шайлоого катышпаган саясатчы аялдардын социалдык тармактардагы аккаунттарын, ошондой эле кампанияны талкуулаган кээ бир массалык маалымат каражаттардын (жаңылыктарды тартуулаган радиостанциялардын, телеканалдардын жана прессанын) аккаунттарын камтыйт. Алдын ала даярдалган форманы колдонуп, 2021-жылдын парламенттик шайлоо өнөктүгүнүн акыркы эки жумасындагы (12-ноябрдан 27-ноябрга чейин) бардык билдирүүлөр жана комментарийлер окулуп чыккан. Жалпысынан изилдөө учурунда социалдык тармактардагы 10дон кем эмес профилдер талдалып чыккан.

**Тандалма байкоо** парламенттик, президенттик жана жергиликтүү шайлоолорго катышкан талапкер аялдар, ошондой эле улуттук жана жергиликтүү деңгээлде шайланган депутат аялдар үчүн негизги суроо топтомдору менен коштолгон тереңдетилген интервью аркылуу жүргүзүлгөн. Жалпысынан 12 интервью өткөрүлдү (1-табл.).

**1-таблица.**
**Респондент–аялдардын статусу жана шайлануучу органы боюнча бөлүштүрүлүшү, адам.**

| Респондент–аялдардын саны | | |
|---|---|---|
| **Шайлануучу орган** | **депутаттар** | **талапкерлер** |
| Жогорку Кеңеш | 2 | 2 |
| Шаардык кеңештер | 2 | 2 |
| Айылдык кеңештер | 2 | 2 |
| ***Жалпы*** | **6** | **6** |

Интервьюлар саясаттагы аялдардын жеке тажрыйбасы жана аларга болгон зомбулуктун таасири тууралуу тереңирээк түшүнүк алууга мүмкүнчүлүк түздү.

**Талапкер аялдар жана жергиликтүү кеңештердин депутат–аялдары үчүн Google-анкета форматындагы онлайн сурамжылоо** «кар кесеги» ыкмасы боюнча атайын түзүлгөн онлайн анкета жана аны толтуруу боюнча регионалдык эксперттер үчүн нускама аркылуу жергиликтүү деңгээлдеги өнөктөш уюмдардан маалыматтарды чогултуу менен жүргүзүлгөн. Сурамжылоо калкы эң көп эки облуста – Ош жана Чүй облустарында жүргүзүлгөн. Жалпысынан 124 анкета чогултулган (104 аял жана 20 эркек сурамжыланган) (2-табл.).

**2-таблица.**
**Аял-респонденттердин жана эркек-респонденттердин облустар боюнча тандалмасы жана бөлүштүрүлүшү, адам.**

<table>
<tr><th rowspan="2">Регион</th><th rowspan="2">Шайлоочулардын саны, адам</th><th rowspan="2">%</th><th colspan="2">Анкеталардын саны</th></tr>
<tr><th>Аялдар, адам</th><th>Эркектер, адам</th></tr>
<tr><td rowspan="2">Бишкек ш., Чүй облусу</td><td>428 599</td><td>22,13</td><td rowspan="2">55</td><td>5</td></tr>
<tr><td>609 774</td><td>31,48</td><td>6</td></tr>
<tr><td>Ош ш., Ош облусу</td><td>898 569</td><td>46,39</td><td>49</td><td>9</td></tr>
<tr><td>Жалпы</td><td>1 936 942</td><td>100,00</td><td>104</td><td>20</td></tr>
</table>

Google-анкета 96 суроодон турат, алар кийинки блокторду камтыйт:

1. Респонденттин жеке маалыматтары,
2. Депутат болуп иштегенинин тажрыйбасы, саясий партияда мүчөлүгү,
3. Зомбулукка байланыштуу суроолор:
    - Физикалык зомбулукка байланыштуу суроолор,
    - Психологиялык зомбулукка байланыштуу суроолор,
    - Экономикалык зомбулукка байланыштуу суроолор,
    - Депутат/талапкер болуп иш жүргүзүүдө тоскоолдуктарды жаратуу,
    - Сексуалдык асылуулар,
    - Масс-медиадагы зомбулук,
    - Зомбулуктун себептери жана кесепеттери.

Респонденттин жеке (анкеталык) маалыматтары аялдардын саясий процесстерге катышуу мүмкүнчүлүктөрүнө ар кандай факторлор кандай таасир этүүсүн талдоо үчүн керек: жашы, үй-бүлөлүк абалы, балдары жана алардын жашы, билиминин деңгээли, улуту, майыптыгы.

Зомбулукка байланыштуу суроолор зомбулуктун көрүнүшүнүн ар кандай формаларын аныктоого багытталган жана алар шайлоо процессинин алкагында да депутат катары иштөө учурунда да аялдарга карата зомбулук кантип, канчалык кайталанып, ким тарабынан, кандай шарттарда, ж.б. кандай түрдө көрүнүп жатканын көрсөткөн факторлорду аныктоого мүмкүндүк берет.

Күтүлгөндөй, изилдөө аялдардын саясий ишмердүүлүгүндө аларга карата зомбу-

луктун негизги формаларын аныктоого гана эмес, ошону менен аялдар өздөрүнүн активдүү турмуштук позициясын көрсөтүүдөн, лидерлик сапаттарын калыптандыруудан жана өнүктүрүүдөн коркпоосу үчүн жана бийлик органдарына жана башкаруу органдарына келип, бүт өлкөнүн, жамааттардын жана өзүнүн үй-бүлөлөрүнүн экономикалык жана социалдык бакубаттуулугуна жетишүүгө көмөк көрсөтө алуу үчүн зомбулук көрүнүштөрүн азайтуу боюнча сунуштамаларды иштеп чыгууга да жардам берет.


## 1.2. Баштапкы чекит: Кыргызстанда аялдардын саясатка аралашуусунун учурдагы абалы

### *Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарда аялдардын өкүлчүлүгү*

Гендердик өкүлчүлүк боюнча мыйзамдардын бардык талаптарына карабастан, Кыргызстанда аялдардын саясатка аралашуусу өтө төмөн бойдон калууда. Бул, биринчиден, эркектер менен аялдардын улуттук да, жергиликтүү деңгээлде да саясий ишмердүүлүгүн жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнүн теңсиздигин көрсөтөт.

Аялдар менен эркектердин өкүлчүлүгүндөгү дисбаланс мамлекеттик бийликтин бардык бутактарында жана чечимдерди кабыл алуунун бардык чөйрөлөрүндө белгиленет. Бул эң көп даражада саясий позициялардын деңгээлинде көрүнөт[1], мында аялдардын 2021-жылдын 1-январына карата үлүшү 24,3%ды гана түзгөн. Административдик кызмат орундарынын деңгээлинде аялдардын үлүшү жогорураак жана 39,9% түзөт[2] Кыргыз Республикасынын аялдары жана эркектери: 2016-2020. 69-б (1-сүрөт).

1-сүрөт. Аялдардын жана эркектердин 2021-жылдын 1-январына карата мамлекеттик муниципалдык кызматтардагы өкүлчүлүгү,%




Андан дагы олуттуу дисбаланс жергиликтүү деңгээлде байкалууда. 2021-жылдын 1-январына карата саясий муниципалдык кызмат орундарынын болгону 3,3%ын гана аялдар ээлешкен, жана 36,7%ын - административдик муниципалдык кызмат орундарын аялдар ээлешкен (1-сүрөт). Жалпысынан 2021-жылдын апрелине чейин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында аялдардын үлүшү өтө төмөн бойдон калган, ошону менен

1. Саясий мамлекеттик жана атайын мамлекеттик кызмат орундарынын, ошондой эле саясий муниципалдык кызмат орундарынын тизмеси Кыргыз Республикасынын Президентинин 2017-жылдын 31-январындагы ПЖ №17 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын Реестринде аныкталган.
2. Кыргыз Республикасынын аялдары жана эркектери: 2016–2020. 69–б

ар бир кезектеги шайлоолор шайланган аялдардын санынын азайышына алып келген.

Жергиликтүү кеңештерде аялдардын өкүлчүлүгү 30%дык квотадан 2016-жылы 19%дан 2018-жылы 11%га чейин кыскарган.[3]


2021-жылдын 11-апрелинде биринчи жолу 2019-жылы мыйзамдарга киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык жергиликтүү кеңештерге шайлоо өттү, жана алардын жыйынтыктары боюнча 2021-жылы шайланган аялдардын үлүшү 37% түздү.[4]

Саясий муниципалдык кызмат орундарын ээлеген аялдардын эң көп үлүшү Нарын облусуда болгон (6,2%), эң азы - Бишкек жана Ош шаарларында (ар бири 0%). Административдик муниципалдык кызмат орундарынын эң көбүн аялдар Чүй облусунда (61,0%) ээлешет, эң азын - Баткен облусунда (20,6%) [5].

### *Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутат–аялдары*

Жогорку өкүлчүлүктүү орган - Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши ар дайым эркек депутаттардын айкын артыкчылыгы менен мүнөздөлүп келген, ал эми кээ бир мезгилде (2005-жылдагы шайлоо) аял депутаттар таптакыр болгон эмес (2-сүрөт).

2-сүрөт. Кыргыз Республикасын Жогорку Кеңештин депутаттарынын жынысы боюнча бөлүштүрүлүшү, 1995-2021 %




Бул кырдаалды чечүү үчүн бир катар мамлекеттик органдарда, анын ичинде Жогорку Кеңеште, аялдардын өкүлчүлүгүн камсыз кылуу боюнча мыйзамдык талаптар (атайын чаралар) коюлган, мунун аркасынан аял-депутаттардын үлүшүн көбөйтүүгө мүмкүн болгон, бирок талап кылынган кеминде 30%дык өкүлчүлүк жетишилген эмес (3-таблица).

3. Кыргыз Республикасында Туруктуу өнүктүрүү максаттарына жетишүүнүн улуттук ыктыярдуу сереби. 59–б.
4. Кыргыз Республикасынын аялдары жана эркектери : 2016-2020. 68 б.
5. Кыргыз Республикасынын аялдары жана эркектери: 2016-2020. – 75 б.

**3-таблица.**
**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын ичинен аялдардын үлүшү, шайлоо өткөрүлгөн жылдар боюнча, адам, %**

| Шайлоо өткөрүлгөн жылдар | КР ЖК депутаттарынын жалпы саны | Анын ичинде аялдар | |
|---|---|---|---|
| | | Адам | % |
| **Атайын чаралар киргизилгенге чейин** | | | |
| 1995 | 105 | 5 | 4,7 |
| 2000 | 105 | 7 | 6,8 |
| 2005 | 75 | 0 | 0 |
| **Атайын чаралар киргизилгенден кийин** | | | |
| 2007 | 90 | 23 | 25,5 |
| 2010 | 120 | 28 | 23,3 |
| 2015 | 120 | 25 | 20,5 |
| 2021 | 90 | 19 | 21,1 |

ЖК фракцияларынын курамын караштырса, 2021-жылдагы шайлоонун алдында ошондой эле эркектердин пайдасына болгон гендердик дисбаланс байкалган. Ошентип, мисал келтирсе, 2021-жылдын 1-декабрына карата VI чакырылыштагы Жогорку Кеңеште алты фракция болгон. КСДП – аялдардын өкүлчүлүгү боюнча максат катары коюлган 30%дик көрсөткүчүнө жакындаган жалгыз фракция болгон (27,3%). «Бир Бол» фракциясында аялдар таптакыр болгон эмес (4-таблица).

**4 - таблица.**
**Кыргыз Республикасынын VI чакырылыштагы Жогорку Кеңештин фракцияларындагы аялдардын өкүлчүлүгү, адам[13].**

| № | Фракция | Аял-депутаттардын саны | | Фракцияда депутаттардын жалпы саны |
|---|---|---|---|---|
| | | Адам | % | Адам |
| 1. | КСДП | 11 | 29,7 | 37 |
| 2. | «Республика – Ата-Журт» | 4 | 15,4 | 26 |
| 3. | «Кыргызстан» | 1 | 5,5 | 18 |
| 4. | «Өнүгүү-Прогресс» | 1 | 7,7 | 13 |
| 5. | «Бир Бол» | 0 | 0 | 12 |
| 6. | «Ата Мекен» | 3 | 27,3 | 11 |
| | **Жалпы:** | **20** | **17,1** | **117** |

### *Министрлер Кабинетинде, министрликтерде жана ведомстволордо аялдардын саны жана үлүшү*

Министрлер Кабинетиндеги аялдардын саны жана үлүшү жөнүндө маалыматтар ген-

дердик дисбалансты күбөлөндүрөт. Ошентип, 2021-жылдын 1-декабрына карата Министрлер Кабинетинин 21 мүчөсүнөн болгону 1сү гана аял – ал Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министри - бул 4,8% түзөт.

Гендердик асимметрия менен министрлердин орун басарларынын курамы да мүнөздөлөт. Дээрлик бардык министрликтерде алар эркектер. Мындан болгону министрдин 4 орун басарынан 1 аял болгон Санариптик өнүктүрүү министрлигинде, 3 орун басардан 2 аял болгон Билим берүү жана илим министрлиги ошондой эле 3 орун басардан 2 аял болгон Эмгек, социалдык коргоо жана миграция министрлиги гана өзгөчөлөнгөн. Калган бардык министрликтерде жана Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинде орун басарларынын кызмат орундары эркектер менен ээленет. Ошентип, Министрлер Кабинетинин мүчөлөрүнүн 55 орун басарынын ичинен аялдардын үлүшү болгону 9,1% ды гана түзөт. [6]

Ал эми Президенттин аймактардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүн караштырса, алардын бардыгы – жети адам – эркектер.

Башка мамлекеттик органдарда да эркектерге басымдуулук болгону ачык. Ошентип, 2021-жылдын башына карата ал нерсе төмөнкү органдарда эң олуттуу болгон:

- Мамлекеттик бажы кызматы (84,3%),
- Башкы прокуратура (79,8%),
- Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлиги (76,4%дан ашык),
- Транспорт жана коммуникациялар министрлиги (72,9%),
- Эсептөө палатасы (72%дан ашык), жана башка органдарда.

Муну менен катарда төмөнкү органдарда аялдардын саны басымдуулук кылат:

- Улуттук статистикалык комитетинде (73%),
- Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги (72%),
- Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматы (71%дан ашык),
- Саламаттык сактоо министрлиги (67%),
- Мамлекеттик каттоо кызматы (69%),
- Билим берүү жана илим министрлиги (57%дан ашык).[7]

### *Саясий партияларды жетектеген аялдардын саны жана үлүшү*


2021-жылдын 1-сентябрына карата Кыргызстанда 294 саясий партия катталган, алардын ичинен болгону 39у гана аялдар жетектейт (13%) (3-сүрөт).

2021-жылдагы парламенттик шайлоого катышууга каалоосун 75 саясий партия билдирген, алардын ичинен экөөсү четке кагылган («Эркин Кыргызстан», «Эне Жүрөгү-Мекен»).

2021-жылдын 28-ноябрындагы добуш берүү күнүнө болгону 21 саясий партия гана жетти, алардын ичинен болгону 2 саясий партиянын гана тизмесин аялдар жетектейт – бул «Жашасын Кыргызстан» саясий партиясы (Токтайым Үмөталиева) жана «Аруузат

6. https://www.gov.kg/ru/gov/s/2
7. http://stat.kg/media/publicationarchive/7d7c4d59-2b8f-44e0-86be-adee6e8c5e28.pdf , 73-74 б.

**3-сүрөт. 2021-жылдын 1-сентябрына карата саясий партиялардын жетекчилеринин гендердик курамы, %**




– элдик дөөлөттөр партиясы» саясий партиясы (Алмакан Бекова). Белгилей кетчү нерсе, шайлоочулар өздөрү да «аялдык» партияларына карама-каршы көз караштa болуп, аларды колдогон да, тескерисинче да пикирлерин билдиришкен. Аялдардын Парламентке өтпөгөн фактысы да аялдар өздөрү (башкача айтканда, шайлоочулардын дээрлик жарымы) аялдар үчүн добуш бербегендигин күбөлөндүрөт.

> ***«Партиялардан бирден өтүшпөйт. Анткени эркектер жөн гана аларга өздөрүн көрсөтүп, тартуулаганы жол беришпейт. Аялдардан гана турган партия түзүү зарыл. Пикирлештердин. Менин байкоолорум жана тажрыйбам белгилүү бир корутундуларга алып келди»***
>
> ***«Аялдардан гана турган партиялар мурдатан эле түзүлүп, шайлоого катышышат, бирок алар эч убакта өтүшпөйт!»***
>
> *(Facebook-соцтармагындагы постко комментарийлерден)*

## *БШКнын жана АШКнын гендердик курамы*

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары - БШК) - Кыргыз Республикасында шайлоолорду жана референдумдарды даярдоо жана өткөрүү боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, жана ал шайлоо комиссияларынын системасын жетектейт.

БШК 12 адамдан турат, анын ичинен 4 аял (33,3%). БШК-ны аял – Нуржан Шайлдабекова жетектейт, анын эки орун басары эркектер.[8]

Аялдардын өкүлчүлүгүнүн мындай көрсөткүчүн сактап калуу үчүн, мыйзамдарга ылайык, КР БШК курамына Президент жана Парламент талапкерлерди көрсөтүүдө «бир жыныстагы адамдардын саны 70%дан аш пашы керек» принцибинин карманууга милдеттүү болгон мамлекеттик органдарынын бири болуусу – бул негизги мааниге ээ болгон факт. Бул принцип өлкөдө кабыл алынган убактылуу атайын чаралардын бүткүл системасынын негизин түзөт.

> *Президент өз ыйгарым укуктарынын алкагында ар бир мамлекеттик органга бир жыныстагы адамдын 70%дан ашпаган гендердик өкүлчүлүктү эске алуу менен ар бир мамлекеттик органга талапкерлерди дайындайт жана көрсөтөт.*
>
> *Жогорку Кеңеш өз компетенциясынын чектеринде бир жыныстагы адамдардын 70%дан ашпаган өкүлчүлүгүн эске алуу менен Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиянын мүчөлөрүн шайлайт.*
>
> *(«Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» КР Мыйзамынын 23, 24 беренелери).*

2021-жылдын 28-ноябрына белгиленген шайлоону өткөрүү боюнча иш мүчөлөрдүн жалпы саны 490 адамдан турган 36 округдук шайлоо комиссияларында жүргүзүлдү. Округ-

8. 2021-жылдын декабрына карата https://shailoo.gov.kg/ru/CIKBShK/Sostav_CIKBShKnyn_kuramy/

дук шайлоо комиссияларынын гендердик курамы тең салмактуу: **252 эркек (51,4%)** жана **224 аял (45,7%).**

54 аймактык шайлоо комиссияларынын (АШК) курамы да жалпысынан гендердик тең салмактуу: АШКнын 650 мүчөсүнөн **304-ү аялдар**, бул **46,7%ын** түзөт; АШКнын төрагасынын кызмат ордун **22 аял (40,7%)** жана **32 эркек (59,3%)** ээлейт.


**2435** участкалык шайлоо комиссияларында **30508** участкалык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү иш жүргүзүшкөн, алардын ичинен көпчүлүгү аялдар болгон: **21179** аялдар **(69,4%)** жана **9329 эркектер (30,6%).**

## 1.3. Респонденттердин портрети

### *Аял-респонденттер*

Сандык талдоо жүргүзүү үчүн максаттуу топтор катары парламенттик, президенттик жана жергиликтүү кеңештерге шайлоолорго катышкан талапкер аялдар, ошондой эле Жогорку Кеңештин, шаардык жана айылдык кеңештердин шайланган депутат–аялдары тандалып алынган.

**4-сүрөт. Респондент аялдардын жашы**





Сандык талдоо жүргүзүү үчүн максаттуу топтор катары парламенттик, президенттик жана жергиликтүү кеңештерге шайлоолорго катышкан талапкер аялдар, ошондой эле Жогорку Кеңештин, шаардык жана айылдык кеңештердин шайланган депутат–аялдары тандалып алынган.

Белгиленгендей (2-таблица) Респондент–аялдар – бул Бишкек шаарынын жана Чүй облусунун (55 аял), Ош шаарынын жана Ош облусунун (49 аял) тургундары.

Респондент–аялдардын көпчүлүгү (27%) 41–45 жаштагылар. Сурамжылоого катышкан аялдардын болжол менен саны бирдей (тиешелүү түрдө 22 жана 20%) 51-60 жана 36-40 жаш топторуна туура келет. Бардык Респондент–аялдардын эң азы (1%) - 71 жаштан улуу аялдардын жаш тобундагылар (4-сүрөт).

Сурамжылоого катышкан аялдардын көпчүлүгү (71%) никеси бар. Аялдардын кыйла чоң бөлүгү (15%) жесирлер. Респондент–аялдардын баарынан эң азы (2%) никелик мамилеси бар аялдар болду (5-сүрөт).

**5-сүрөт. Респондент аялдардын үй-бүлөлүк абалы**




Сурамжылоо учурунда сурамжыланган аялдардын дээрлик үчтөн экиси (64%) жашы 18ге чейинки балдары бар. Аялдардын эң көп саны (48 адам) бир балалуу. Сурамжылоого

катышкан Респондент–аялдардан бирден - жашы жете элек 6 жана 7 баланын энелери.


Көрүнүктүү нерсе, аялдардын саясий активдүүлүгүнө чөйрөнүн чоң таасири тийүүсү – күйөөсү, ата-энеси, балдары, тууган-уругу, тааныштары.

> *«Күйөөм башында менин депутаттыкка көрсөтүлүшүмө караманча каршы болгон, ал кезде ал Россияда эмгек миграциясында жүргөн болчу, күйөөмдүн үй-бүлөсү, анын ичинде күйөөмдүн ата-энеси ага түшүндүрүүгө мага жардам беришти, аягында ал макул болду. Бирок, биринчи убакта менин депутаттык ишмердигиме абдан скептикалык мамиле көрсөтчү, ал нерсе мени моралдык жактан тынчсыздандырган, мисалы, бирөө мага телефон чалып же мен иш боюнча жыйындарга же жолугушууларга барсам, көп суроолорду берип, мени Бишкекке квалификациямды жогорулатуу семинарларга барууга уруксат берчү эмес, менин командировкаларыма каршы чыкчу, бирок менин 2 бойго жеткен балдарым бар болуп, алар күйөөмдү көндүргөнгө же абалымды түшүндүрүп берүүгө жардам беришкен, азыр баары жакшы, ал мени колдойт жана чектебейт.»*
>
> *«Болгон депутаттар маселелерди чечишкен эмес, ал эми менин авторитетим бар болчу. Менин чөйрөм (кошуналар, туугандар, достор мага депутат болууну айтып баштаты. Күйөөмдүн пикири чечүүчү болду, болбосо мен бармак эмесмин. Ал катуу, чыгышчыл, бирок ал мени колдоду, анткени сый-урмат бар. Ал ишенди, макулдугун берди.»*
>
> *«Мага телефон чалып, партиянын съездине келүүнү сунушташты... Ошондой эле тизмеге кирип, ЖКга аттанууга болот деп айтышты. Күйөөм менен талкууладык. Күйөөм колдоду. Талапкер болгонум күйөөмдүн сиңирген эмгеги. Ал мурда мамлекеттик кызматкер болгон, ал аракет кылуу керек экенин жана реформаторлор канчалык көп болсо, ошончолук бир нерсе өзгөрүшү мүмкүн экенин түшүнөт. Биз шыктандык. Апам менен кеңештим, ал колдоду.».*
>
> *(аял-депутаттар жана талапкер аялдар менен болгон интервьюдан)*

Сурамжылоонун жүрүшүндө аялдарга алар өздөрүн этникалык, диний, тилдик азчылыктардын өкүлдөрү деп эсептейби деген суроо берилген. 76%ы терс жооп беришти. Аялдардын 21%ы өздөрүн азчылыктардын өкүлдөрү катары аныкташты. Калган аялдар бул суроону жоопсуз калтырышты.


Сурамжылоого катышкан аялдардын 6%нын майыптыгы бар.

**6-сүрөт. Респондент аялдардын билим деңгээли**




Респондент–аялдардын басымдуу көпчүлүгү (75%) – жогорку билими бар аялдар. 12% орто кесиптик билими бар. Эң азы (тиешелүү түрдө 2 жана 3%) – илимий даражасы/наамы бар жана толук эмес жогорку билими бар Респондент–аялдар (6-сүрөт). Бул дагы бир жолу аялдын кесиптик билиминин болушу анын экономикалык көз карандысыздыгына, өз күчүнө болгон ишенимин бекемдөөсүнө жана өзүнүн да, башкалардын да көз алдында авторитетин бекемдөөгө мүмкүнчүлүктөрүн көтөрөрүн дагы бир жолу тастыктайт.

Изилдөөнүн жыйынтыктарын чечмелөө үчүн аялдардын бул шайлоого катышканга




чейин негизги жумуш орду кайсы болгон деген суроо кызыктуу. Ошентип, көпчүлүк (42%) саясатка билим берүү тармагынан келген. 3 эсеге аз (14%) - мамлекеттик жана муниципалдык кызмат чөйрөсүнөн, аялдардын 11%ы өз бизнесин иштетишкен, 7%ы - айыл чарбасында иштеген. Бирдей сандан (ар бири 6%) аялдар саламаттык сактоо тармагынан, өкмөттүк эмес уюмдардан, үй кожойкелеринен, ошондой эле башка тармактардан (социалдык кызматкерлер, бухгалтерлер, кассирлер, май куюучу станциялардын кызматкерлери, ж.б.) келишкен. Сурамжыланган аялдардан эң азы (2%) массалык маалымат каражаттарында (ММК) жана социалдык медиада иштешкен (7-сүрөт).


Сурамжылоого катышкан аялдардын ичинен басымдуу көпчүлүгүн (92%) жергиликтүү кеңештердин аял-депутаттар түзөт. Эң азы - 1% - Жогорку Кеңештин, ал эми калган 7% - депутат эмес. Сурамжыланган жергиликтүү кеңештин аял-депутаттарынын эң көбү бул кызматты бир жылдан аз ээлей - башкача айтканда, алар 2021-жылдын апрелинде жергиликтүү кеңештерге шайлоо жөнүндө мыйзамдарга киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык шайланышкан.

Жергиликтүү кеңештердин аял-депутаттарынын 82%ы үчүн (80 адам) бул шайлоо биринчи болуп саналат (8-сүрөт). Бул, албетте, атайын чараларды кабыл алуу менен мүмкүн болду. Депутаттык кызматты биринчи жолу ээлебеген Респондент–аялдар үчүн көпчүлүк учурда (59%) - бул экинчи шайлоо. Калган 41% үчүнчү жолу шайланышкан.

Сурамжылоого катышкан аялдардын ичинен Жогорку Кеңешке шайланууга аракетин болгону 8% гана жасаган. Көпчүлүк учурларда бул бир жолку аракет болгон.

*Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 14-июлундагы «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Мыйзамында айылдык кеңештердин депутаттарын шайлоосун өткөрүү үчүн ар бир айылдык кеңеш боюнча аялдар үчүн айылдык кеңештин депуттарынын мандаттарынын 30%дан кем эмеси резервке калтырылат (59-1-берене, 1-пункту). Мандаттарды резервге калтыруунун негизинде мандат алган депутат-аялдын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган учурда тийиштүү шайлоо округунда шайлоочулардын кыйла көп добуштарын алган кийинки талапкер аялга мандат өткөрүлүп берилет (52-берене, 1-2-пункту). 2021-жылдын апрель айындагы шайлоого чейин жергиликтүү деңгээлдеги бийлик органдарында аялдардын өкүлчүлүгү өтө төмөн бойдон калып, ар бир кезектеги шайлоо жергиликтүү кеңештерге шайланган аялдардын санынын азайышына алып келген. Жергиликтүү өкүлчүлүк бийлик органдарында аялдардын өкүлчүлүгү белгиленген 30%дык квотадан 2016-жылдагы 19%дан 2020-жылкы 3,5%га чейин кыскарган. Жалпысынан жергиликтүү деңгээлде айыл аймактардын башчыларынын арасында аялдардын үлүшү 1995-жылдан бери 5%га жеткен эмес. Кырдаал 2021-жылдын 11-апрелинде жергиликтүү кеңештерге шайлоолор айылдык кеңештерде аялдар үчүн мандаттарды резервге калтыруу механизмин колдонуу менен өткөрүлгөндөн кийин кескин өзгөрдү.*

**8-сүрөт. Респондент аялдардын жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарын аткаруу мөөнөтү**




Сурамжылоого катышкан аялдардын ичинен Жогорку Кеңешке шайланууга аракетин болгону 8% гана жасаган. Көпчүлүк учурларда бул бир жолку аракет болгон.

Сурамжылоого катышкан аялдардын бири Жогорку Кеңештин депутаты, ал бул кызматты экинчи жолу ээлеп жатат.

Анкеталык сурамжылоо учурунда катышуучу аялдарга алардын партияга таандыктыгы тууралуу суроо берилген. Ошентип, алардын төрттөн бири (25%) саясий партиянын курамына кирип, анын ичинен 29%ы ар кандай себептерден улам өзүнүн партияга мүчөлүгүн өзгөрткөн.

### *Эркек–респонденттер*

Белгиленгендей (2-таблица) сурамжылоо аялдар арасында гана эмес, эркектер арасында да жүргүзүлгөн, алардын ичинен 11и - Бишкек шаарынын жана Чүй облусунун тургундары жана 9–у - Ош жана Ош облусунун тургундары.

Респонденттердин дээрлик жарымын (45%) 31–35 жаштагы жигиттер түзөт, 20% -36–40 жаштагылар, ар бири 10%дан - 21–25 жаштагы жана 41–45 жаштагы эркектерге ээ.

Сурамжыланган эркектердин баары никеси бар, алардын 80%ынын 18 жашка чейинки балдары бар – эки баланын атасы. Ошентип, жаш курак жана жашы жете элек балдардын болушу эркектерге саясий ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө тоскоолдук кылбайт.

Сурамжылангандардын болгону 5%ы гана өздөрүн улуттук, диний, этникалык азчылыктардын өкүлдөрү деп эсептешет.

Эркек-респонденттердин эч кимисинин майыптыгы жок.

Респонденттердин дээрлик бардыгынын (90%ы) жогорку билими бар.

Кесиптик тажрыйбаны караштырса, сурамжыланган эркектердин көпчүлүгү шайлоого катышканга чейин өзүнүн бизнесин иштетишкен (30%), айыл чарбасы менен алектенишкен (20%). Бир аз азыраак – 15% - мамлекеттик жана муниципалдык кызматта иштегендер. Сурамжыланган эркектердин ичинен бирдей үлүштөн (ар бири 10%) билим берүү жана саламаттык сактоо тармактарынан келген. Сурамжылангандардын ичинен массалык маалымат каражаттарынын (ММК), социалдык медианын, коомдук уюмдардын жана башка тармактардын өкүлдөрү көп эмес – ар бири 5%дан.

Сурамжыланган эркектердин 80%ы жергиликтүү кеңештердин депутаттары, жана алардын көбүнүн (бул суроого жооп берген 16 кишинин 11и) депутат болуу мөөнөттүү бир жылга жете элек. Калгандардын баары сурамжылоо жүргүзүлүп жаткан учурда эч кандай өкүлчүлүктүү органдардын депутаттары болгон эмес.

Көпчүлүк үчүн (69%) - бул биринчи шайлоо. Жергиликтүү кеңешке шайлоо биринчи жолу болбогон респонденттер үчүн бул – экинчи шайлоо. Респонденттердин ичинен эч кимиси Жогорку Кеңештин депутаты болууга аракет кылган эмес.

Сурамжыланган эркектердин партияга таандыктыгын караштырса, алардын көбү (65%) саясий партияга мүчө эмес. Партияга мүчө болгон эркектердин 15%ы партияга мүчөлүгүн өзгөрткөн.

# 2. САЯСАТТАГЫ АЯЛДАРГА КАРАТА ЗОМБУЛУККА КАРШЫ ЭЛ АРАЛЫК УКУКТУК ЖАНА САЯСАТТЫК ДЕМИЛГЕЛЕРИ

## 2.1. Саясатчы аялдарга карата зомбулукка эл аралык укуктук көз караш

***«Аялдардын катышуусу жок демократия – бул карама-каршылык.».***

*(Мелани Вервеер, ЕККУнун төрагасынын гендердик маселелер боюнча мурдагы атайын өкүлү)*

Аялдарга карата зомбулук биздин жашообуздун дээрлик бардык чөйрөлөрүн камтыйт: ал үй-бүлөдө да, жаратылыш жана экономикалык ресурстарга жетүүдө да, эмгек мамилелерде да, саламаттык сактоо тармагында да, ж.б. Саясий чөйрөсү да, чечим кабыл алуу чөйрөсү да зомбулуктан эркин эмес, ал жакта аялдардын эркектер менен бирдей мүмкүнчүлүктөрү жок. Ошону менен бирге, жеткиликтүү изилдөөлөр көрсөткөндөй, бул тенденция башкаруунун ар кандай формаларына ээ болгон ар кандай өлкөлөр үчүн мүнөздүү.

Саясий ишмердиктеги зомбулук шайлоо процессинин этабында – шайлоого катышуу стадиясында да, аялдардын өкүлчүлүктүү органдын депутаты катары же аткаруу органынын мүчөсү катары өз функцияларын аткаруу учурунда да байкала баштайт. Саясатчы аялдар бийликтин ар кандай деңгээлдеринде – улуттук жана жергиликтүү – зомбулуктун көрүнүштөрүнө туш болушат. Саясий процесстин эки этабында да тең, анын эки деңгээлинде да тең аялдардын саясий активдүүлүгү зомбулуктун ар кандай бир көрүнүштөрү менен коштолот, бирок аларды так гендердик зомбулук катары аныктоосу дайым эле оңой эмес. Бирок ал ар дайым аялдардын саясий процесстерге катышуу каалоосуна жана даярдыгына таасирин тийгизет.

Гендердик зомбулуктун негизинде коомдогу салттуу жашоо тартибин аныктаган патриархалдык көз караштар, «аялдын орду ашканада», «саясат аялдын иши эмес», ж.б. деген түшүнүктөрдүн терең тамырлашкан гендердик стереотиптер жатат. Аялдардын саясий лидерлигине карата ушундай мамиле – дискриминацияга алып келүүчү тарыхый жактан калыптанган теңсиздиктин көрүнүшү, жана бул аялдардын коомдогу болгон абалынын жакшыртуусуна тоскоолдуктарды жаратат.

***«Калкыбыздын жарымын чечим кабыл алуу процесстерине жигердүү катышуудан четтетип жана аларды добуш берүү укугунан ажыратып биз демократияларыбызга коркунуч келтирип, шыктарга жана талантарга көңүл бурбай жатабыз.»***

*(Катаржина Гардапхадзе, Демократиялык институттар жана адам укуктары бюросунун (ЕККУ ДИЖАУБ) директорунун мурдагы биринчи орун басары))*

Сексизмдин, аялдарды жек көрүүнүн көрүнүштөрү, сексуалдык асылуулар, кастык тилин колдонулушу – саясатта өзүн көрсөтүүгө аракет кылган аялдар ушул жана башка көрүнүштөргө туш болушат. Мунун баары диний таасирдин жана жакырчылыктын өсүшүнүн фонунда күчөп, аялдардын активдүү саясий позициясына андан да көп тоскоол-

дук жаратат. Ал эми саясий процесске кирүүдөгү тоскоолдуктарды жеңе алган аялдар өздөрүнүн кесипкөйлүгүнө жана аброюна шек келтирүүгө багытталган зомбулуктун көрүнүштөрүнө дагы дуушар болушат. Ошол эле учурда аялдар өздөрү да аларга каршы багытталган аракеттерди зомбулук катары так аныктай алышпайт.

Сексизм жана саясатчы аялдарга карата зомбулук – бул жеке аялдардын жашоосуна таасир этүүчү жөн гана кээ бир нерселер эмес. Алардын макро кесепеттери бар, атап айтканда: демократиялык негиздерге кол салуу, аялдардын толук кандуу жана эркектер менен тең укукта саясий турмушка катышууга жана өз пикирин билдирүүгө укугун ишке ашыруусуна тоскоолдук кылуу, аялдардын добуш берүү укугун, мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарга шайлануу укугун чектөө, бул нерсе акыры шайлоо институттарынын өздөрүнүн өкүлчүлүктүүлүгүнө жана мыйзамдуулугуна доо кетирет. Андан ары парламенттерде жана жергиликтүү өкүлчүлүк органдарында, ошондой эле аткаруу бийлик органдарында аялдарга карата сексизм жана зомбулук алардын жетекчилик кызматтарга жетүүсүн чектеп, кызматтык милдеттерин аткаруу мүмкүнчүлүгүнө шек келтирет.

Аялдардын дүйнө калкынын жарымы катары чечимдерди кабыл алуу процесстерине катышуусу бир нече жолу глобалдык да, аймактык да саясий конференциялардын көңүл буруусунун предмети болуп келген, алардын жыйынтыктары боюнча декларациялар, резолюциялар кабыл алынган, докладдар каралып чыккан ж.б. Ошентип, мисал катары, Гендердик теңчилик боюнча ЕККУнун Үчүнчү жалпы карап чыгуу конференциясында аялдарды колдоо жана саясатта аялдарга карата зомбулукка каршы туруу үчүн саясий эрк, өнөктөш эркектердин күчтүү колдоосу менен алдыга карай кыймыл-аракеттердин багыттарынын бири болуп аныкталган.[9]

Жогорку деңгээлдеги ар кандай иш-чаралардын күн тартибинде жана эл аралык уюмдардын мандатында аялдардын саясий катышуусу жана гендердик теңчиликти камсыз кылуу маселелери БУУнун Уставына негизделген эл аралык укуктун нормаларына негизделет, анын преамбуласында эркектер менен аялдардын укуктук теңчилиги жөнүндө жобо бекитилген. БУУнун Уставынын негизинде Адам Укуктарынын Жалпы Декларациясында жана Жарандык жана Саясий Укуктар жөнүндө Эл аралык Пакт[10] теңчилик жана жынысына карата басмырлоону болтурбоо принцибин белгилешет.

Саясий турмушта аялдар менен эркектердин укуктарынын жана мүмкүнчүлүктөрүнүн теңдиги принцибинин кененирээк «ачылышы» Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө Конвенциясында (CEDAW Конвенциясы) жана Аялдардын саясий укуктары жөнүндө Конвенциясында көрсөтүлгөн.[11]

**Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу боюнча БУУнун Конвенциясы**[12] ябул эл аралык келишим, ал, анын 7-беренесине ылайык, катышуучу-өлкөлөргө, анын ичинде Кыргызстанга, гендердик басмырлоону болтурбоо үчүн бардык

9. https://www.osce.org/files/f/documents/f/0/488671.pdf , 23 б.

10. Кыргыз Республикасы ЖКтин 1994-жылдын 12-январындагы N 1406-XII Токтомуна ылайык кошулган

11. КР КР ЖК МЧЖ 1996-жылдын 25-январындагы З № 321-1 токтомуна жана КР ЖК ЭӨЖ 1996-жылдын 6-мартындагы П № 258-1 токтомдоруна ылайык кошулган

12. КР КР ЖК МЧЖ 1996-жылдын 25-январындагы З № 320-1 токтомуна жана КР ЖК ЭӨЖ 1996-жылдын 6-мартындагы П № 257-1 токтомдоруна ылайык кошулган

керектүү чараларды көрүүгө милдеттенмелерди жүктөйт, атап айтканда:

- эркектер менен аялдардын укуктук теңчилик принцибин өздөрүнүн Конституциясына жана башка тиешелүү мыйзамдарына киргизүү жана мыйзамдын жана башка тиешелүү каражаттардын жардамы менен бул принциптин иш жүзүндө ишке ашырылышын камсыз кылуу;
- аялдардын ар тараптуу өнүгүүсүн жана прогрессин камсыз кылуу үчүн бардык чөйрөлөрдө, өзгөчө саясий чөйрөдө, бардык тийиштүү чараларды, анын ичинде мыйзамдар чыгаруучу чараларды, аларга эркектер менен теңчиликтин негизинде адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин ишке ашыруусуна жана пайдалануусуна кепилдик берүү үчүн көрүү;
- өлкөнүн саясий жана коомдук турмушунда аялдарга карата басмырлоону жоюу үчүн бардык тиешелүү чараларды көрүү жана, атап айтканда, аялдардын эркектер менен тең шарттарда төмөнкүлөргө укугун камсыз кылуу:
  a) бардык шайлоолордо жана коомдук референдумдарда добуш берүүгө жана бардык эл тарабынан шайлануучу органдарга шайланууга;
  b) мамлекеттик саясатты иштеп чыгууга жана ишке ашырууга катышууга жана мамлекеттик кызмат орундарын ээлөөгө, ошондой эле мамлекеттик башкаруунун бардык деңгээлдеринде бардык мамлекеттик функцияларды ишке ашырууга;
  c) өлкөнүн коомдук жана саясий турмушунун көйгөйлөрү менен алектенген өкмөттүк эмес уюмдардын жана бирикмелердин ишине катышууга.

**БУУнун Аялдарга карата басмырлоону жоюу боюнча комитети** 2017-жылы №35 Жалпы сунуштамасын чыгарган, анда «аял-укук коргоочуларга, саясатчыларга, активисттерге жана журналисттерге карата зыяндуу каада-салттардын практикасы жана кылмыштар да ушундай маданий, идеологиялык жана саясий факторлор менен байланышкан аялдарга карата гендердик зомбулуктун түрлөрүн түзөт» деп айтылат, ал эми гендердик зомбулуктун өзү – бул «жеке да, мамлекеттик да сектордун шарттарында, жана, анын ичинде өзүнө технологиялык каршылык көрсөтүү шарттарында өз ара байланышкан жана кайталануучу көптөгөн формаларды алган бардык жерде кездешүүчү көрүнүш, жана заманбап ааламдашкан дүйнөдө ал улуттук чек аралардан ашып чыгат»[13]

Кыргызстанда аялдардын саясий жана коомдук турмушка, өзгөчө жетектөөчү кызматтарда, атап айтканда муниципалдык башкаруу органдарында, дипломатиялык кызматта жана айылдык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында жетекчилик кызматтарда катышуусунун төмөн деңгээлине, тиешелүү убактылуу атайын иш-ча-

***Эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери жана ченемдери, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдер Кыргыз Республикасынын укук тутумунун курамдык бөлүгү болуп саналат.***

*(КР Конституциясынын 6-беренеси, 3-пункту)*

13. № 19 жалпы сунуштаманын жаңыртуусуна арналган Аялдарга карата зомбулук жөнүндө № 35 Жалпы сунуштамасы https://tbinternet.ohchr.org/_layouts/15/treatybodyexternal/Download.aspx?symbolno=CEDAW/C/GC/35&Lang=en

ралардын жоктугуна, потенциалды күчөтүү боюнча чаралардын жетишсиздигине жана шайлануучу кызматтарга талапкер боло ала турган аялдардын шайлоо кампаниясын каржылоосунун жетишсиздигине, мунун баары аялдардын саясий турмушка тең укуктуу катышуусуна тоскоол болгондугуна тынчсыздануу менен **БУУнун Аялдарга карата басмырлоону жоюу боюнча комитети Кыргызстандын төртүнчү баяндамасы боюнча корутунду байкоолорунда**[14] бир катар чараларды көрүүнү сунуштады, анын ичинде - учурдагы убактылуу атайын чараларды начар ишке ашыруунун түпкү себептерин жоюу жана мамлекеттик жана жеке секторлордо убактылуу атайын чараларды колдонууга дем берүү максаты менен мыйзамдардын жоболоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү.

Андан ары - **Кыргызстандын бешинчи мезгилдүү баяндамасы боюнча корутунду байкоолорунда** [15] Комитет убактылуу атайын чаралардын басмырлоочу эмес мүнөзү боюнча түшүнүктүн жоктугу, аялдардын өкүлчүлүгү аз же начар абалда болгон Конвенциянын көпчүлүк чөйрөлөрүндө алардын чектелген колдонулушу, ошондой эле алардын аялдар менен эркектердин ортосундагы чыныгы теңчиликке жетишүүгө чектелген таасир тийгизүүсү боюнча тынчсыздануусун билдирет.

Комитет тынчсыздануу менен төмөндөгүлөрдү белгилейт:

a) Жогорку Кеңеште (15%) жана жергиликтүү кеңештерде аялдардын өкүлчүлүгүнүн төмөндүгү, ошондой эле талапкер аялдар үчүн болгон квотаны 30%-дан 18%-га чейин кыскартуусуна алып келүүчү аралаш шайлоо системасын киргизүүсү;
b) шайлоо жана саясий акциялар учурунда талапкер аялдарга карата гендердик зомбулук көрсөтүү жана кастык сөздөрдү айтуу;
c) укук коргоочу аялдардын ишмердүүлүгүн чектөө жана алардын репрессиялардан корголбогондугу.

Комитет Кыргыз Республикасын төмөнкүлөргө көшөрө чакырат:

a) ) өлкөнүн саясий турмушунда аялдар менен эркектердин тең укуктуулугуна жетишүү үчүн өзүнүн шайлоо мыйзамдарын кайра карап чыгуу жана бул үчүн максатка багытталган  чараларды көрүү, анын ичинде бийликтин бардык деңгээлдеринде, Жогорку Кеңеште жана жергиликтүү кеңештерде, сот органдарында жана илимий чөйрөдө, атап айтканда башкаруу деңгээлинде аялдардын өкүлчүлүгүн жогорулатууга багытталган квоталарды көбөйтүү сыяктуу убактылуу атайын чараларды көрүү;
b) саясий партияларды өздөрүнүн шайлоо тизмелерине аял-талапкерлерди жана эркек-талапкерлерди бирдей санда киргизүүгө милдеттендирүү, ошону менен аялдардын жана эркектердин аты-жөндөрү тизмеде кезеги менен түзүлүшү керек («чагылган» системасы);
c) аялдардын саясий үгүт иштерин жүргүзүү потенциалын, башкаруу жана сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү көндүмдөрүн жогорулатуусун камсыз кылуу, ошондой эле массалык маалымат каражаттары (ММК) менен бирге саясатчылардын,

14. Комитет менен анын алтымышынчы сессиясында кабыл алынган (2015-жылдын 16-февралы – 6-марты)
15. Комитет менен анын сексенинчи сессиясында кабыл алынган (2021-жылдын 18-октябры — 12-ноябры).

ММК-дын, диний лидерлердин, коомдук ишмерлердин жана жалпы коомчулуктун CEDAW Конвенциясы жөнүндө, Конвенциянын аткарылышына кепилдик берүү үчүн аялдардын өлкөнүн саясий жана коомдук турмушуна эркектер менен бирдей негизде ар тараптуу, көз карандысыз жана демократиялык катышуусунун маанилүүлүгү жөнүндө маалымдуулугун жогорулатуу;

d) шайлоо учурунда талапкер аялдарды гендердик зомбулуктан жана кастык жана айыптоочу сөздөрдөн, анын ичинде Интернетте, коргоо боюнча натыйжалуу чараларды көрүү;

e) укук коргоочу аялдардын ишмердүүлүгүнө коюлган бардык чектөөлөрдү алып салуу жана алардын саясий жана коомдук турмушка катышуусуна көмөк көрсөтүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү, анын ичинде гендердик зомбулуктан жана репрессиялардан коргоону камсыз кылуу.

Адам укуктары боюнча кеңештин 16/21 резолюциясынын тиркемесинин 5-пунктуна ылайык көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын Улуттук баяндамасын кароонун жыйынтыктарынын негизинде: [16] **Адам укуктары боюнча кеңештин универсалдуу мезгилдүү сереп жүргүзүү боюнча жумушчу топ** Кыргызстанга жалпысынан аялдарга карата басмырлоону жана зомбулукту жоюу жагынан да, ошондой эле аялдардын саясий жана коомдук турмушка катышуу укуктарын ишке ашыруу мүмкүнчүлүктөрүн бекемдөө жагынан да сунуштамаларды берген, анын ичинде:

- атап атйканда аялдарга карата тике жана кыйыр басмырлоонун бардык формаларына тыюу салууну камтыган дискриминацияга каршы комплекстүү укуктук базаны кабыл алуу;
- саясий жана экономикалык чөйрөлөрдө чечимдерди кабыл алуу деңгээлинде аялдардын катышуусун камсыз кылуу боюнча мыйзамдарды жана пландарды ишке ашыруу;
- саясий жана коомдук турмушта аялдардын, этникалык топтордун жана азчылыктардын өкүлчүлүгүн кеңейтүүсү боюнча натыйжалуу чараларды көрүү;
- гендердик көйгөйлөрдү караштыруу стратегиясын күчөтүү боюнча мындан аркы кадамдарды жасоо, анын ичинде гендердик факторлорун эске алган бюджетти мамлекеттик программаларга киргизүү жана аял-парламентарийлердин санын көбөйтүү үчүн шарттарды түзүү;
- гендердик теңчиликти камсыз кылууга жана аялдардын саясий жана коомдук турмушка катышуусун кеңейтүүгө көмөк көрсөтүү;
- гендердик теңчиликти жана чечимдерди кабыл алуу органдарында аялдардын өкүлчүлүгүн камсыз кылууга багытталган күч-аракеттерди улантуу,… саясий, социалдык жана экономикалык чөйрөлөрдө аялдардын өкүлчүлүгүн жана катышуусун кеңейтүү, ... саясий, социалдык жана экономикалык чөйрөлөрдө аялдардын ролун жогорулатуу;
- укук коргоо органдарынын кызматкерлерин аялдарга карата зомбулукка тиешелүү кылмыш-жаза мыйзамдарынын жоболорун колдонууга окутууну улантуу, ... аялдардын укуктары боюнча колдонуудагы мыйзамдардын натыйжалуу

16. 2020-жылдын 20-31-январында 35-чи сессияда көрсөтүлгөн

аткарылышын камсыз кылуу;
- аялдарга карата басмырлоону жоюу үчүн мындан аркы күч-аракеттерди жумшоо...гендердик зомбулук маселесин чечүүнү улантуу, ж.б.

Глобалдык деңгээлдеги дагы бир документ – **Аялдардын саясий укуктары жөнүндө конвенциясы**[17] анда аялдардын төмөнкү укугу белгиленген:

- бардык шайлоолордо эркектер менен бирдей шарттарда эч кандай басмырлоосуз добуш берүү укугу (I-берене);
- элдик шайлоону талап кылган улуттук мыйзамдар менен белгиленген бардык мекемелерге эч кандай басмырлоосуз эркектер менен бирдей шарттарда шайлануу укугу (II-берене);
- коомдук-мамлекеттик кызматта кызмат орундарын ээлөө жана улуттук мыйзам менен белгиленген бардык коомдук-мамлекеттик функцияларды аткаруу укугу (III-берене).

Бирок глобалдык эмес, европалык деңгээлде кабыл алынган эң маанилүү Конвенция – бул **Аялдарга карата зомбулукту жана үй-бүлөлүк зомбулукту алдын алуу жана аларга каршы күрөшүү боюнча Европа Кеңешинин Конвенциясы**[18] **(Стамбул Конвенциясы).**[19] Анда «аялдарга карата зомбулук - эркектер тарабынан аялдарга карата үстөмдүк кылууга жана басмырлоого алып келген жана аялдардын толук тең укуктуулугун ишке ашырууга тоскоол болуп келген аялдар менен эркектердин ортосундагы күчтөрдүн тарыхый тең эмес салмактуулугунун көрүнүшү» деп таанылат.

Конвенциянын 3-пунктуна ылайык аялдарга карата зомбулук – бул «аялдарга карата адам укуктарынын бузулушу жана басмырлоонун бир түрү, жана ал аялдарга карата физикалык, сексуалдык, психологиялык же экономикалык зыянга же аялдарга карата азапка алып келген же алып келиши мүмкүн болгон гендердик жактан зомбулуктун бардык актыларын билдирет, анын ичинде мындай актылардын коркунучтары, коомдук же жеке турмушта болуп жатканга карабай мажбурлоо же ээн баштык менен эркиндиктен ажыратуу».

Белгилей кетсек, бул Конвенция аялдарга карата зомбулуктун бардык түрлөрүнө карата колдонулат.

Аялдарга карата зомбулук маселелери БУУнун Башкы ассамблеясынын да көңүл борборунда болуп, бул маселе боюнча бир нече резолюцияларды кабыл алган. Ошентип, мисал катары:

- 66/130 (2011) Резолюциясы мамлекеттерди «аялдардын шайланган кызмат адамдарына жана шайлануучу кызматтарга талапкер аялдарга карата зомбулук, кол салуу же куугунтуктоо тууралуу билдирүүлөрдү иликтөөгө, мындай кылмыштарга чыдамдуу болбой турган чөйрөнү түзүүгө жана жоопкерчиликти камсыз кылуу үчүн күнөөлүүлөрдү жоопко тартууга бардык керектүү чаралар-

17. Кыргыз Республикасы КР ЖК МЧЖ 1996-жылдын 25-январындагы З № 321-1 токтомуна жана КР ЖК ЭӨЖ 1996-жылдын 6-мартындагы П № 258-1 токтомуна ылайык кошулган
18. 2011-жылдын 11-майында кабыл алынган
19. Кыргызстан Стамбул Конвенциясынын катышуучусу эмес

ды көрүүгө чакырды»;

- 73/148 (2018) Резолюциясы «саясий жана коомдук турмушка катышкан аялдарга жана кыздарга бардык зомбулук аракеттерине, анын ичинде сексуалдык асылууга» терең тынчсызданусун билдирди. Ал улуттук парламенттерди жана саясий партияларды «жүрүм-турум кодекстерин жана отчеттуулук механизмдерин кабыл алууга же иштеп жаткандарын кайра карап чыгууга, бул мыйзам чыгаруучу органдар жана саясий партиялар саясаттагы аялдарга карата сексуалдык асылууга, коркутууга жана зомбулуктун башка кандайдыр бир түрлөрүнө эч кандай чыдамдуу эмес деп жарыялоого» чакырды.

Саясаттагы аялдарга карата зомбулук маселесин караштырууда **Пекин Декларациясы жана Иш-аракет Платформасы (ПИП)**[20] өтө чоң концептуалдык мааниге ээ, анда директивалуу органдардын иш жүргүзүүсүндө жана чечимдерди кабыл алуу процессине аялдардын катышуусу стратегиялык максат катары жарыяланган (G-максаты). ПИПда аялдар менен эркектердин чечимдерди кабыл алуу процессине тең укуктуу катышуусу максатына жетишүү коомдун курамын так чагылдырган жана демократиянын туура иштешин бекемдөөгө жана ага көмөк көрсөтүү үчүн зарыл болгон тең салмактуулукту камсыздай турганы белгиленген. Саясий чечимдерди кабыл алууда теңчилик кандайдыр бир рычагдын ролун ойнойт, ансыз мамлекеттик саясатты калыптандырууда теңчилик факторун чыныгы эске алуусу өтө күмөн. Чечимдерди кабыл алуу процессинин бардык деңгээлдеринде аялдардын активдүү катышуусусуз жана аялдардын кызыкчылыктарын эске алуусуз теңчилик, өнүгүү жана тынчтык максаттарына жетишүү мүмкүн эмес.

Гендердик теңчиликти камсыз кылуу жана бардык аялдардын жана кыздардын укуктарын кеңейтүү – Кыргызстан дүйнөнүн башка өлкөлөрү менен бирге жетишүүгө умтулган **Туруктуу өнүгүүнүн** он жети **максаттарынын** бири (5-максат). 5-максатка жеткирүүчү милдеттер, башкалардын катарында:

- саясий, экономикалык жана коомдук турмушта аялдардын чечимдерди кабыл алуунун бардык деңгээлдеринде бүт тараптуу жана чыныгы катышуусун жана лидерлик үчүн тең мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылуу (5.5-милдет);
- гендердик теңчиликти жана бардык деңгээлдерде бардык аялдардын жана кыздардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүнү илгерилетүү максаты менен туура саясаттарды жана аткарууга милдеттүү мыйзамдарды кабыл алуу жана өркүндөтүү (5.с милдет).

**БУУнун Коопсуздук Кеңешинин 1325-Резолюциясы**[21] мүчө мамлекеттерди чечимдерди кабыл алуунун бардык деңгээлдеринде аялдардын көбүрөөк катышуусун камсыз кылууга көшөрө чакырат.

Саясий турмушка катышууда гендердик теңчиликтин негиздери ошондой эле Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин мүчө мамлекеттериндеги[22], Демократиялык

20. 4-15-сентябрда Аялдардын абалы боюнча төртүнчү дүйнөлүк конференциясында кабыл алынган .
21. 2000-жылдын 31-октябрында БУУнун Коопсуздук Кеңеши менен кабыл алынган..
22. Кыргыз Республикасы 2003-жылдын 1-августундагы № 185 Мыйзамы менен кошулган.

шайлоолордун стандарттары, шайлоо укуктары жана эркиндиктери жөнүндө Конвенцияда түптөлгөн, Шайлоолор тууралу жетектөөчү принциптер чагылдырылган[23] ж.б

## 2.2. Глобалдык жана регионалдык саясий демилгелер

Юридикалык жактан милдеттүү мааниге ээ болгон эл аралык документтерден тышкары, саясат чөйрөсүндөгү аялдарга карата зомбулук маселелерине формалдуу да, формалдуу эмес да түрдүү эл аралык (глобалдык жана регионалдык) институттардын обзорлору, баяндамалары, билдирүүлөрү жана башка басылмалары арналган. Аларда саясаттагы жана демократиядагы гендердик теңчиликтин ролу белгиленген, ошондой эле саясий чечимдерди кабыл алуу чөйрөсүндө аялдарга карата зомбулукту жоюу боюнча чаралар сунушталат.


Ошентип, мисал катары, бул маселе менен регионалдык деңгээлде Европа Кеңеши менен Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык Уюму активдүү иш алып барышат. 2018-жылы Европа Кеңешинин Парламенттик ассамблеясы (ЕКПА) Парламенттер аралык биримдик менен биргеликте «Европа парламенттеринде аялдарга карата сексизм, куугунтук жана зомбулук» изилдөөсүн жүргүзгөн. Анын максаты парламентарий аялдарга карата алардын толук эркиндиктин жана коопсуздуктун шарттарында өз мандатын аткаруу жана өз шайлоочуларынын кызыкчылыктарын коргоо мүмкүнчүлүктөрүн чектөөгө багытталган туура келбеген жүрүм-туруму жана зомбулук аракеттери боюнча алгачкы маалыматтарды чогултуу болгон. Аны ишке ашыруу үчүн саясатчы аялдардын кандай туура келбеген жүрүм-турумуна жана зомбулук аракеттерине туш болушканы тууралуу суроолорду камтыган анкета иштелип чыккан. Изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча мындай аракеттерди жана жүрүм-турумду алдын алуу жана тыюу салуу боюнча парламенттерге жана парламентарийлерге сунуштамалар иштелип чыккан.

***Парламенттер аралык биримдик - дүйнө өлкөлөрүнүн парламенттеринин аракеттерин координациялоо үчүн кызмат кылган эл аралык уюм. Ал 179 өлкөнү камтыган эң илгерки эл аралык парламенттик уюмдардын бири.***

«Европа парламенттеринде аялдарга карата сексизм, куугунтук жана зомбулук» изилдөөсүндө «гендердик зомбулук аялдарга жашоонун бардык чөйрөлөрүндө таасирин тийгизет» деп белгиленген. Саясат дүйнөсү да четте калбайт…сексизм, сексуалдык асылуу жана зомбулук…. көбүнчө аялдардын саясатка катышуусу үчүн төлөшү керек болгон баа катары кабыл алынат», жана ушуга байланыштуу «саясий турмушта сексизмди жана аялдарга карата зомбулукту жоюуга багытталган саясий, мыйзамдык жана башка чараларды күчөтүү маанилүү.»[24]

Белгиленген изилдөө көрсөткөндөй: сурамжыланган аял-парламентарийлердин 85,2%ы депутаттык ыйгарым укуктарын аткаруу учурунда психологиялык зомбулукка кабылышкан, 46,9%ы өлүм менен коркутууга же зордуктоо же ур-токмокко алуу коркутууларына туш болушкан, 58,2%ы социалдык тармактарда сексисттик чабуулдардын

23. Венеция комиссиясы тарабынан 51-пленардык сессияда кабыл алынган (Венеция, 2002 ж. 5-6 июлу)..
24. https://assembly.coe.int/LifeRay/EGA/WomenFFViolence/BrochureParliamentSexism-RU.pdf




бутасына айланган, ал эми 24,7%ы сексуалдык зомбулукка кабылышкан.[25]

Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган маалыматтар ЕКПА жана Европа Кеңешинин башка органдары тарабынан бир катар демилгелерге алып келди, анын ичинде:

*Европа өлкөлөрүнүн парламенттеринде аялдарга карата сексизм, орой мамиле жана зомбулук аракеттери.*

*Булак - Парламенттер аралык биримдиктин жана ЕКПАнын «Европа өлкөлөрүнүн парламенттеринде аялдарга карата сексизм, куугунтук жана зомбулук»-темасындагы изилдөө..*

***ЕКПАнын мурдагы төрагасы Лилиан Мори Паскье айым парламентарий аялдарга карата сексизмдин жана сексуалдык асылуунун таралышынын даражасы жөнүндө маалымдуулукту жакшыртууну жана парламенттик чөйрөдө сексизмди жоюу үчүн күрөшүүнү максат кылып койгон***

*#МенинПарламентимдеэмес демилгесин көтөрүп чыккан*

- Бул маселенин маалымдуулугун жакшыртуусуна көмөктөшкөн жана аялдардын укуктарын - анын ичинде зомбулуксуз жашоого болгон укугун - коргоо боюнча милдеттерге көңүл бурдурган жана учурдагы абалды оңуна келтире турган чаралар боюнча конкреттүү сунуштамаларды камтыган ЕКПАнын 2152 (2019) Рекомендациясы жана 2274 (2019) «*Сексизмсиз жана сексуалдык асылууларсыз парламенттер жөнүндө» резолюциясы;*.
- Мүчө-мамлекеттерди жана улуттук парламенттерди жыныстык теңчилик саясатына берилгендигин жаңыдан ырастоого, Европа Кеңеши сунуштап жаткан сексисттик эмес тилди колдонууга жана аялдардын саясий тең өкүлчүлүгүн милдеттүү түрдө камсыз кылуу үчүн чараларды көрүүгө чакыруусун камтыган ЕКПАнын 2157 (2019) Рекомендациясы жана 2290 (2019) резолюциясы *«Европа Кеңешинин гендердик теңчилик боюнча амбициялык иш-аракеттер программасы»;*
- *Министрлер комитетинин Европа Кеңешинин мүчө мамлекеттерине сексизмди алдын алуу жана ага каршы күрөшүү боюнча сунуштамалар (2019),* анда гендердик теңчилик адам укуктарын коргоону, демократиянын иштешин, тиешелүү башкарууну, мыйзамдын үстөмдүгүн сыйлоону жана жалпы жетиштүүлүктү камсыз кылуу иш-аракеттеринде борбордук орунда турат, ал эми сексизм – бул аялдар менен эркектердин ортосундагы басмырлоого алып келген жана аялдардын коомдо толук масштабдуу абалын жакшыртуусуна

25. https://www.ipu.org/resources/publications/issue-briefs/2018-10/sexism-harassment-and-violence-against-women-in-parliaments-in-europe

тоскоол болгон тарыхый түрдө түзүлүп келген теңсиз бийлик мамилелеринин көрүнүшү;

- *ЕКПА мүчөлөрүнүн жүрүм-турум Кодексине* сексизмге, сексуалдык асылууга, сексуалдык зомбулукка жана сексуалдык кыянаттыкка ачык тыюу салууну, ошондой эле Европа Кеңешинин адамдык абийирин сыйлоо боюнча талаптарын аткаруу милдетин караштырган өзгөртүүлөрдү киргизүү;
- Аялдарга карата зомбулук, сексизм жана сексуалдык асылуу учурларын милдеттүү түрдө эсепке алуу максатында *Шайлоонун үстүнөн байкоо жүргүзүүдө ЕКПАнын ишмердүүлүгүнүн негизги принциптерин кайра карап чыгуу;*
- Аялдарга карата зомбулуктун алдын алуу жана ага каршы күрөшүү боюнча *ЕККУнун Министрлер кеңешинин чечими (2018),* анда "коомдук мүнөздөгү кесиптик ишмердүүлүк менен алектенген аялдар... өзүнүн ишине байланыштуу зомбулуктун же кыянаттыктын конкреттүү формаларына, коркутууларга жана куугунтукка дуушар болушу мүмкүн" деп таанылган. Ал ошондой эле «бардык тиешелүү тараптарды, анын ичинде саясий процесске катышкандарды, аялдарга, анын ичинде коомдук резонанстуу болгон жана/же коомдук кызыкчылыктарын көздөгөн кесиптик ишмердүүлүк менен алектенгендерге, карата зомбулуктун бардык түрлөрүн алдын алууга жана ага каршы күрөшүүгө салым кошууга» чакырат;
- ЕККУнун Парламенттик ассамблеясынын (ПА) Гендердик маселелер боюнча атайын өкүлү Хеди Фрай менен 2021-жылы чыгарылган *журналист аялдарга жана саясатчы аялдарга карата зомбулук боюнча Баяндамасы*[26], анда мындай зомбулуктун азабын тарткан аялдарган, ошондой эле жалпы демократияга тийгизген таасири жана кесепеттери изилденген. Анда ЕККУнун ПАна жана катышуучу мамлекеттерге бул аялдарды колдоо жана коргоо боюнча аракеттерди активдештирүүгө болгон чакыруу камтылган, ошондой эле бул өсүп жаткан кризисти чечүү үчүн парламенттер көрүшү мүмкүн болгон чаралар каралган.
- Учурда ЕККУнун Демократиялык башкаруу жана гендердик теңчилик бөлүмү менен жүргүзүлүп *жаткан саясатта аялдарга карата зомбулукка каршы күрөшүү боюнча инструментарийин Иштеп чыгуусу.* Анда аял-саясатчылар, парламенттер, саясий партиялар жана жарандык коом тарабынан көрүлө турган чараларга өзгөчө көңүл бурулган.

Ушул жана башка мисалдар теңдикке жетишүүгө тоскоол болгон зомбулук феномени менен дүйнөлүк коомчулуктун тынчсыздануусун көрсөтүп турат.

Чынында эле, 2021-жылы бул тема БУУнун Аялдардын абалы боюнча комиссиясынын отурумдары үчүн артыкчылыктуу катары аныкталган. Комиссия өзүнүн Макулдашылган корутундуларында "аялдардын коомдук турмушка толук жана бирдей катышуусуна жана алардын лидерлигине көмөк көрсөтүү иштери менен аялдарга жана кыздарга карата зомбулуктун бардык түрлөрүн жоюу иштери бири бири менен

26. https://www.oscepa.org/en/documents/special-representatives/gender-issues/report-17/4247-2021-report-by-the-special-representative-on-gender-issues-violence-against-women-journalists-and-politicians-a-growing-crisis/file

өз ара байланышта” деп баса белгилеген. Комиссия аялдардын коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүндө тең укуктуу катышуусуна тоскоол болуп жаткан саясатта жана коомдук турмушта аялдарга карата зомбулук дүйнө жүзү боюнча кеңири тараганына тынчсызданганын билдирди.

# 3. САЯСАТТАГЫ АЯЛДАРГА КАРАТА ЗОМБУЛУКТУН ФЕНОМЕНИ ИЗИЛДӨӨЧҮЛӨРДҮН КӨҢҮЛ БОРБОРУНДА: КЫСКАЧА ЭКСКУРС

## 3.1. Саясатчы аялдарга карата зомбулукту изилдөө боюнча чет элдик тажрыйба

Белгилей кетчү нерсе, мындай изилдөөлөр бүгүнкү күнгө чейин Кыргызстанда эле эмес, дүйнө жүзүндө өтө көп эмес. Алардын бири катары жакында эле – 2020-жылы жарык көргөн **«Саясатта аялдарга карата зомбулукту»** атап кетсе болот. лышы менен. Анда бул көрүнүштүн аныктамасы берилип, зомбулук дүйнө жүзү боюнча кандай формаларда көрсөтүлүп жаткандыгын аныктоо үчүн алкактар сунушталат.[27] Автордун пикири боюнча, саясатта аялдарга карата зомбулук – бул  саясий атаандаштарга багытталаган физикалык кол салууларга басым жасаган саясий зомбулуктун болгон аныктамаларынын жөн гана гендердик версиясы  эмес. Бул аялдарды саясий жана коомдук турмуштан аялдар катары четтетүү үчүн тактикалардын кеңири спектрин колдонгон өзүнчө бир көрүнүш болгону ыктымал.

Аталган тактикалар беш түрдө болот. Бул түрлөрдүн төртөөсү аялдарга карата зомбулук боюнча эл аралык конвенцияларда кеңири таанылган: физикалык, психологиялык, сексуалдык жана экономикалык.

*Физикалык зомбулук* дене жаракаттарды жана травмаларды, каалоосуз физикалык байланышты жана ыктыярсыз физикалык камоону камтыйт. Бул өлтүрүү, уруп-сабоо, чабуу, урдоо же негизсиз камакка алууну камтышы мүмкүн. Парламенттер аралык кеңештин (ПАК) глобалдык изилдөөсүнө ылайык, сурамжылоого катышкан аял-парламентарийлердин 25,5%ы саясий ишмердүүлүгүнө байланыштуу кандайдыр бир физикалык зомбулукка кабылышкан.[28]

*Психологиялык зомбулук физикалык* зомбулуктан айырмаланып, адамдын психикалык абалына же эмоционалдык жыргалчылыгына жаракат алып келет. Ал  адамды таарынтуу, шылдыңдоо же коркутуу аракетин камтыйт. Мындай иш-аракеттер өлүм менен коркутуу, зордуктоо, опузалоо, үй-бүлө мүчөлөрүнө каршы коркутуулар, сөз менен кордоо, ушак таркатуу боюнча аракеттер, артынан аңдоо жүргүзүү же коркутуп-үркүтүүнү камтышы мүмкүн. Көпчүлүк изилдөөлөр көрсөткөндөй, психологиялык зомбулук, анын ичинде Интернет аркылуу куугунтуктоо жана кемсинтүү, саясатта аялдарга карата зомбулуктун эң кеңири таралган түрү. Буга чейин белгиленгендей, Европа парламенттерин изилдөөдө аял-парламентарийлердин 85,2% психологиялык зомбулукка кабылганын айтышкан, алардын 58,2% Интернетте сексисттик чабуулдарга кабылышкан.[29]

---

27. Mona Lena Krook. 2020. Violence against Women in Politics. New York: Oxford University Press. For a short summary of the chapters, see https://www.vawpolitics.org/book.

28. https://www.ipu.org/resources/publications/issue-briefs/2016-10/sexism-harassment-and-violence-against-women-parliamentarians

29. https://www.ipu.org/resources/publications/issue-briefs/2018-10/sexism-harassment-and-violence-against-women-in-parliaments-in-europe

*Сексуалдык зомбулукка* сексуалдык аракеттер жана мажбурлоо астында жасалган сексуалдык аракеттер, ошондой эле каалабаган сексуалдык коментарийлер же мамилелер кирет. Ал зордуктоо, зордуктоого аракет кылуу, кармалоо, сексуалдык тамашаларды жана сексуалдык кызматтарды көрсөтүүнү суранууну камтышы мүмкүн. Маданий бийиктиктин жогорку деңгээлин эске алганда, аялдар сексуалдык зомбулукка кабылган учурлары тууралуу айтуудан тартынышат. Анткен менен дүйнө жүзү боюнча аял парламентарийлердин 21,8%ы парламентте кызмат кылып жүргөндө сексуалдык асылууларга, атүгүл зомбулуктарга кабылганын айтышкан.[30]

Экономикалык зомбулук аялдардын каржылык ресурстарга жетүүсүн четке кагууну, чектөөнү же көзөмөлдөөнү, экономикалык кыйынчылыктарды көзөмөлдөө каражаттары катары пайдаланууну билдирет. Бул вандализмге, мүлктү жок кылууга, уурдоого же каржылык колдоону жокко чыгарууга алып келиши мүмкүн. Парламенттер аралык кеңештин маалыматы боюнча, *экономикалык зомбулук* дүйнө жүзү боюнча аял парламентарийлер тарабынан аныкталган зомбулуктун экинчи кеңири таралган, тагыраак айтканда, респонденттердин дээрлик үчтөн бирине (32,7%) таасир эткен түрү болуп саналат. [31]

Айрым изилдөөлөр зомбулуктун бешинчи категориясын да аныктайт – аялдарды жабыркатуу, катуу тартипке салуу жана баш ийдирүү үчүн сексисттик жана кемсинткен сөздөрдү жана сүрөттөрдү түп көтөргөн семиотикалык зомбулук. Мисалдар арбын: аялдардын сексуалдык мүнөздөгү жана кадыр-баркын кемсинткен түрдөгү санариптик өзгөртүлгөн сүрөттөрдөн тартып, шайлоо учурунда жарыяланган жасалма секс-видеолоруна, ошондой эле аялдарды жалган жана адаштыруучу образдар менен сүрөттөрдө чагылдырган жасалма видеолорго чейин колдонулат. *Семиотикалык зомбулук*[32] тарыхта аялдардын коомдук турмушта чагылдырылышын мүнөздөп келгени менен, дүйнө жүзү боюнча гендердик жактан жалган маалымат таратуучу кампаниялардын күчөшү менен жаңы жашоого багыт алды.

Саясатчы аялдарга карата зомбулукту изилдөөнүн дагы бир аракети – **«Сербиядагы аял саясатчыларга карата зомбулук: гендердик, бийлик жана саясий маданияттын кесилишинде саясаттагы аялдар»[33]** – Чыгыш Европанын бул өлкөсүндөгү аял саясатчыларга карата зомбулук феноменин талдоого багытталган. Анда ар кандай деңгээлдеги мыйзам чыгаруу органдарында саясий кызматтарды ээлеген аялдардын өздөрүнүн зомбулукка карата мамилеси жөнүндө маалымат каражаттарынын мазмунуна да талдоо жүргүзүүгө көңүл бурулду. [34] Изилдөөнүн максаты саясатчы аялдарга карата зомбулуктун кеңири таралган моделдери жана механизмдери, зомбулук көрсөткөндөрдүн өзгөчөлүктөрү, алар колдонгон ыкмалар жөнүндө түшүнүк алуу болгон. Ошондой эле аялдардын саясий активдүүлүгүнө жана жашоосунун башка аспектилерине тийгизген зомбулуктун себептери жана таасири тууралуу маалымат алуу эле. Изилдөө эки багытта жүргүзүлгөн – бири аялдардын саясий ишмердүүлүгү учурундагы зомбулуктун жеке тажрыйбасына, ошондой эле

30. https://www.ipu.org/resources/publications/issue-briefs/2016-10/sexism-harassment-and-violence-against-women-parliamentarians

31. https://www.ipu.org/resources/publications/issue-briefs/2016-10/sexism-harassment-and-violence-against-women-parliamentarians

32. Mona Lena Krook. 2020. Violence against Women in Politics. New York: Oxford University Press.

33. Мария Бабович, Смиляна Милинкова, Мария Срджич, Биляна Степанова. Сербиядагы аял саясатчыларга карата зомбулук: гендердик, бийлик жана саясий маданияттын кесилишинде саясаттагы аялдар. Белград, 2021.

34. Изилдөө ЕККУнун Сербиядагы Миссиясы жана ДИЖАУБ колдоосу менен ишке ашырылган

аял саясатчыларды зомбулуктан коргоо боюнча кырдаалды жана мүмкүн болгон чечимдерди кабыл алуу, экинчиси саясатчы аялдарга карата зомбулук темасында медиа контентти талдоого багытталган. [35]

Изилдөөнүн авторлору саясатчы аялдар дуушар болгон зомбулуктарды үч категорияга бөлүүгө болот деген жыйынтыкка келишкен:

Т*үзүмдү*к зомбулук:

- партияларда милдеттерди бөлүштүрүү жана аялдардын эмгегин эксплуатациялоо;
- саясий партиялардагы кызматтардын бирдей эмес бөлүштүрүлүшү жана аялдардын жогорку партиялык же мамлекеттик кызматтарга көтөрүлүүсүнө тоскоолдуктар;
- аялдардын мандаты менен соода кылуу;
- аялдарды маргиналдаштыруу жана партиялардан чыгаруу.

*Маданий зомбулук:*

- Аялдарга карата инсандар аралык зомбулукта гендердик стереотиптерди, сексизмди, мизогинияны колдонуу;
- ММКда зомбулукту чагылдырган саясий дискурстарды кайталап чыгаруу, сексизм жана аялзатынын ролун жокко чыгаруучу маданиятын жайылтуу.

*Түздөн-түз зомбулук:*

- Психологиялык зомбулук;
- Сексуалдык асылуу;
- Физикалык зомбулук;
- Куугунтуктоо;
- Санариптик зомбулук.

Зомбулуктун бардык түрлөрүн изилдөөдөн тышкары, авторлор контекстти – Сербияда түзүлгөн кырдаалды коомдук турмушта да, жеке, үй-бүлөлүк чөйрөдө да ачык гендердик теңсиздик катары мүнөздөп, эмгекте жана ишке орношууда, билим алууда, саясий жана коомдук катышууда, байлыкта жана кирешеде, акы төлөнбөгөн үй жумуштарын жана үй-бүлөнү камкордукка алууну адилетсиз бөлүштүрүү мамилелерде болгон көрүнүштөрдү талдоого да басым жасашкан. [36] Кыргызстанда да – теңдикке жана гүлдөп-өнүгүүгө олуттуу тоскоол болуп жаткан терең тамырлашкан патриархалдык көз караштары бар өлкөдө, ушундай эле кырдаал түзүлүп жатканын моюнга алуу керек.

## 3.2. Кыргызстанда аялдарга карата зомбулукту изилдөө

Кыргызстанда аялдарга карата зомбулук маселелери бир нече жолу изилдөөнүн предмети болуп келген, бирок, бул көбүнчө сексуалдык жана физикалык зомбулукка

35. Мария Бабович, Смиляна Милинкова, Мария Срджич, Биляна Степанова. Сербиядагы аял саясатчыларга карата зомбулук: гендердик, бийлик жана саясий маданияттын кесилишинде саясаттагы аялдар. Белград, 2021. 4 б.

36. Ошол эле жерде. 6 б.

тиешелүү, ошондой эле зомбулуктун ар кандай көрүнүштөрүн камтыган зомбулуктун өзгөчө түрү катары үй-бүлөдөгү зомбулук да көңүлдүн чордонунда турган. Кээ бир басылмаларда алардын мүнөзүн, себептерин, таралуу деңгээлин, зомбулук келтирген экономикалык зыянды аныктоого, виктимологиялык мүнөздөмөлөрдү сүрөттөөгө, каршы чараларды иштеп чыгууга ж.б.у.с. аракеттер жасалган.

Алсак, «Коомду кабыл алууда гендер» изилдөөсү беш тармактагы гендердик маселелерди изилдөөгө багытталган: аялдардын саясий катышуусу; аялдардын экономикалык укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү; кыз ала качуу жана жашы жете электерге турмушка чыгуу түрүндөгү аялдарга карата зомбулук; аялдардын диний радикалдашуусу; аялдардын эмгек миграциясына катышуусу.[37]

Аялдардын саясий катышуусу боюнча бөлүмдө башка нерселер менен катар аялдардын жана эркектердин саясатка катышуусу жана жеткиликтүүлүгү, аялдардын саясий катышуусун, алардын ургалдуулугунун деңгээлин бекемдөө, ошондой эле калктын бул маселелерге карата мамилесин күчөтүү боюнча атайын чаралар жөнүндө маалымдуулук боюнча сурамжылоонун жыйынтыктары сунушталды. Ошентип, аялдардын жана эркектердин басымдуу бөлүгү аялдардын өлкөнүн саясатын калыптандырууга чоң салым кошуп жаткандыгына макул экени (тиешелүүлүгүнө жараша 73 жана 64%) көрсөтүлдү, ошондой эле мамлекеттик органдарда аялдар менен эркектердин бирдей өкүлчүлүгү өлкөнүн өнүгүүсүнүн жогорку деңгээлин (69 жана 63%) көрсөтөт деп эсептешет. Белгилей кетчү нерсе, аялдардын жарымынан көбү (54%) жана эркектердин жарымынан азы (41%), эгерде чечим кабыл алуучу адамдардын арасында аялдар көп болсо, өлкөдө жашоо жакшырат деп эсептешет.

Изилдөөнүн жүрүшүндө аялдардын саясатка активдүү катышуусуна эмнелер тоскоол болуп жатканын аныктоого да аракет кылынган. Анын жыйынтыгы көрсөткөндөй, эң негизги тоскоолдуктардын бири – жубайынын же үй-бүлөнүн колдоосунун жоктугу, ошондой эле аялдардын тажрыйбасынын жана билиминин (46%) жана коомчулуктун колдоосунун жетишсиздиги (42%). [38]

Бул басылмада келтирилген маалыматтарды талдоо көрсөткөндөй, саясатчы аялды аялдар өздөрү колдобойт. Алар аялдар парламентарийлердин ишине бир топ сын көз караште, ал тургай эркектерге караганда катуураак сын баа беришет. Изилдөөнүн авторлору «бул бир жагынан эң жогорку мыйзам чыгаруу органында аялдардын болушунун маанилүүлүгүн түшүнбөгөндүктөн улам болушу мүмкүн» деп божомолдошот, ошондой эле парламентарий аялдардын аял шайлоочулары менен жетишсиз деңгээлдеги карым-катышын айтышат. Ошол эле учурда бул парадокс көптөгөн аялдардын саясий ишмердүүлүктү аялдардын үй-бүлөлүк милдеттенелерине туура келбейт деп эсептегенинен улам келип чыгышы мүмкүн. Ошону менен бирге эле калк аял депутаттарды начар билет, алардын иши жөнүндө жетиштүү маалыматка ээ эмес. Саясатчыда анын жыныстык өзгөчөлүгүнө карабастан боло турган негизги сапаттар – билимдүүлүк, бийик интеллект, карапайым элдин мүдөөсүнө кам көрүү, чынчылдык, адептүүлүк. Ошентип көпчүлүк учурда калк саясатчы аялдарга, өзгөчө, конкреттүү талаптарды койбойт.[39]

---

37. http://www.stat.kg/media/publicationarchive/04b5b8ac-3016-46ed-a7ec-750398c1aeb4.pdf

38. http://www.stat.kg/media/publicationarchive/04b5b8ac-3016-46ed-a7ec-750398c1aeb4.pdf . 149 б

39. http://www.stat.kg/media/publicationarchive/04b5b8ac-3016-46ed-a7ec-750398c1aeb4.pdf . 165-166 б.

«Коомдун кабыл алууда гендер» аттуу басылмада аялдарга карата зомбулукка байланыштуу маселелер никеге туруу жана жашы жете электерди никеге туруу максатында ала качуу контекстинде гана статистикалык жактан өлчөнгөн.

Аялдардын саясий турмушка катышуусун изилдөөнүн дагы бир аракети «Кыргызстандагы саясий партиялардын гендердик рейтинги» болду.[40] Гендердик рейтингди иштеп чыгуу төрт негизги өлчөмгө негизделген: партиялардын демократиясынын жана ачыктыгынын деңгээли, партиялардын документтериндеги жана ишмердүүлүгүндөгү гендердик сезимталдыктын деңгээли, ММКлардагы партиялардын гендердик «портрети» жана партиялар тарабынан гендердик маселелерди илгерилетүү боюнча коомдук пикир.

Кыргызстанда саясатта аялдарга карата зомбулуктун айрым аспектилерин изилдөөнүн дагы бир мисалы катары шайлоолорго гендердик мониторинг жүргүзүү боюнча отчетторду келтирүүгө болот:

- 2021-жылдын 28-ноябрында өткөн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоонун гендердик мониторингинин жыйынтыктары жөнүндө отчет; [41]
- Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоону уюштурууга жана өткөрүүгө мониторинг жүргүзүү боюнча жыйынтыктоочу отчет: 2021-жылдын 10-январында жүргүзүлгөн гендердик мониторингдин жыйынтыгы; [42]
- 2020-жылдын 4-октябрында өткөн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоонун гендердик мониторингинин жыйынтыктары жөнүндө отчет;[43]
- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ишине гендердик мониторинг (2017-жылдын апрель айы – 2018-жылдын февраль айы)[44] ж.б.

Алар саясатта аялдарга карата зомбулуктун ар кандай түрлөрүнүн маселелерин ар кандай деталдар менен чагылдырат.

Ошондой эле аялдардын саясий ишмердүүлүгүнүн айрым аспектилери жана аларга карата зомбулук көрүнүштөрүнүн анализи БУУнун «Аялдарга карата дискриминациянын бардык формаларын жок кылуу жөнүндө» Конвенциясынын атаандаштык отчетторунда камтылганын белгилей кетүү керек. [45] Кыргыз Республикасындагы Туруктуу өнүктүрүү максаттарынын индикаторлорунун мониторингинде,[46] Кыргыз Республикасында Туруктуу өнүктүрүү максаттарына жетишүүнүн улуттук ыктыярдуу кароосунда, [47] Пекин декларациясын жана Пекин иш-аракет платформасын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук баяндамасында чагылдырылган.

40. http://www.stat.kg/media/publicationarchive/04b5b8ac-3016-46ed-a7ec-750398c1aeb4.pdf . 165-166 б.
41. https://awli.kg/wp-content/uploads/2022/02/gendermonitoringjk_2021.pdf
42. https://awli.kg/publikaczii-datkajym/otchet-po-rezultatam-gendernogo-monitoringa-vyborov-prezidenta-2021/
43. https://awli.kg/publikaczii-datkajym/gendernyj-monitoring-deyatelnosti-zhogorku-ke%d2%a3esha-kyrgyzskoj-respubliki/
44. https://awli.kg/publikaczii-datkajym/gendernyj-monitoring-deyatelnosti-zhogorku-ke%d2%a3esha-kyrgyzskoj-respubliki/
45. Мисал катары, ӨЭУ кеңеши менен даярдалган Кыргыз Республикасынын бешинчи мезгилдик баяндамасына альтернативалык отчету, CEDAW комитетине
46. http://stat.kg/ru/publications/monitoring-pokazatelej-celej-ustojchivogo-razvitiya-v-kyrgyzskoj-respublike/
47. https://sustainabledevelopment.un.org/content/documents/26372VNR_2020_Kyrgyzstan_Report_Russian.pdf

Прогресс жана чакырыктар (Пекин+25),[48] мисалы, «Кыргыз Республикасындагы саясаттын куралында гендердик теңсиздик менен күрөшүү» сыяктуу тематикалык изилдөөлөрдө,[49] Эмгек жана кызмат мамилелери тармагында аялдарга жана кыздарга карата сексуалдык асылуунун көлөмүн изилдөө боюнча баяндамада [50] ж.б жазылган.

Көптөгөн мисалдарга карабастан, саясатта зомбулуктун көрүнүштөрүн, анын субъекттерин, себептерин жана башка аспектерин изилдөөгө багытталган аялдарга карата зомбулук боюнча толук масштабдуу изилдөөлөр болбогонун белгилей кетүү керек. Ошентип, бул изилдөө берилген теманы комплекстүү талдоонун алгачкы аракети болуп саналат.

48. https://unece.org/fileadmin/DAM/Gender/Kgz_Beijing_25_Review_Rus_Final.pdf

49. https://www.kg.undp.org/content/kyrgyzstan/ru/home/library/womens_empowerment/-case-study-on-combating-gender-inequality-in-political-particip.html

50. https://kawj.kg/wp-content/uploads/2020/01/%D0%9A%D0%90%D0%96%D0%A1_%D0%BF%D1%83%D0%B1%D0%BB%D0%B8%D0%BA%D0%B0%D1%86%D0%B8%D1%8F_%D1%85%D0%B0%D1%80%D1%80%D0%B0%D1%81%D0%BC%D0%B5%D0%BD%D1%82.pdf

# 4. УЛУТТУК УКУКТУК КОНТЕКСТ

## 4.1. Аялдардын саясатка аралашуусундагы гендердик теңчиликтин укуктук негиздери

Аялдардын саясий процесстерге, анын ичинде шайлоого аралашуусунун укуктук контексти Кыргыз Республикасынын улуттук мыйзамдары менен аныкталат, анын башында Конституция (Негизги Мыйзам) турат. Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон бери өткөн мезгилдин ичинде конституциялык реформалар бир нече жолу жүргүзүлүп, натыйжада өлкө шайлануучу мамлекеттик органдардын ар кандай формаларына ээ болуп, алардын ортосунда ыйгарым укуктар бөлүштүрүлдү.

Кыргыз Республикасында болуп өткөн акыркы конституциялык реформа 2021-жылдагы реформа болуп, 11-апрелдеги референдумда Кыргыз Республикасынын жаңы Конституциясы кабыл алынган. Аны кабыл алуу боюнча мыйзамга президент 2021-жылдын 5-майында кол койгон

Учурдагы ***Конституция*** гендердик теңчиликтин баалуулук мамилесин чагылдырат жана белгилейт:

- эркектер менен аялдар үчүн укуктардын, эркиндиктердин жана аларды ишке ашыруу мүмкүнчүлүктөрүнүн теңдиги (24-берененин 3-бөлүгү);
- жынысы, расасы, тили, майыптыгы, улуту, дини, жашы, саясий же башка ишенимдери, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлар боюнча басмырлоого жол берилбестик (24-берененин 1-бөлүгү);
- мыйзамда белгиленген жана эл аралык милдеттенмелерге ылайык, ар кандай социалдык топтор үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууга багытталган атайын чаралар дискриминация болуп саналбайт (24-берененин 1-бөлүгү);
- улуттук, расалык, диний кастыкты, гендердик жана башка социалдык артыкчылыктарды үгүттөөгө, дискриминацияга, кастыкка же зомбулукка чакырганга тыюу салуу (32-берененин 4-бөлүгү);
- мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматка кирүүдө, мыйзамда белгиленген тартипте кызматка көтөрүлүүдө укуктардын жана мүмкүнчүлүктөрдүн бирдейлиги (37-берененин 3-бөлүгү);
- Кыргыз Республикасынын жарандарынын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоого жана шайланууга, ошондой эле референдумга катышууга укугу (37-берененин 1-бөлүгү);
- Кыргыз Республикасынын жарандарынын коомдун жана мамлекеттин иштерин башкарууга түздөн-түз жана алардын өкүлдөрү аркылуу катышууга укугу (37-берененин 2-бөлүгү);
- Жергиликтүү кеңештердин депутаттары мыйзамда белгиленген тартипте бирдей мүмкүнчүлүктөр менен тиешелүү административдик-аймактык бирдикте жашаган жарандар тарабынан шайланат (113-берененин 1-бөлүгү).

***Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 4-августундагы «Эркектер менен аялдардын бирдей укуктарынын жана бирдей мүмкүнчүлүктөрүнүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» Мыйзамы*** жашоонун бардык чөйрөлөрүндө, анын ичинде саясий жана экономикалык жактан ар түрдүү жыныстагы адамдарга бирдей укуктарды жана мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу үчүн мамлекеттик кепилдиктерди белгилейт, мамлекеттин гендердик теңчиликти орнотуу жана колдоо боюнча милдеттерин ишке ашыруу үчүн негиз болуп саналат. Атап айтканда, төмөнкүлөрдү камсыз кылат:

- укуктук, уюштуруучулук жана башка механизмдер аркылуу бийликтин бардык бутактарында адамдардын гендердик өкүлчүлүгүн камсыз кылуу аркылуу мамлекеттик органдарда гендердик теңчиликтин кепилдиктери (9-берене);
- мамлекеттик жана муниципалдык кызматка кирүүдө, мамлекеттик органдарда кызмат орундарына көтөрүлүүдө жана андан аркы ишмердүүлүктө бирдей укуктар жана бирдей мүмкүнчүлүктөр, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилеринин мамлекеттик жана муниципалдык кызматта ар кандай жыныстагы адамдардын бирдей жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу милдети (10-берене);
- ыйгарым үлүш тутуму, бул мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлеринин штатында бир жыныстагы кызматкерлер басымдуулук кылбашы керек дегенди билдирет. Ыйгарым үлүш тутуму башка ченемдик укуктук актыларда каралууга жана бул органдарда бир жыныстагы персоналдын 70%дан ашпашы керек деген талапты камтууга тийиш (10-берене);
- бир жыныстагы адамдар үчүн сынактарды жарыялоого тыюу салуу жана мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилеринен гендердик саясатты эске алуу менен кызматкерлердин мансабын өнүктүрүү саясатын иштеп чыгуу талабы. Мындан тышкары, эгерде мамлекеттик же муниципалдык кызматтын бош кызмат ордуна сынактан эки башка жыныстагы талапкер өткөн болсо, анда бирдей шарттарда бул органга азыраак өкүлчүлүгү бар жыныстагы талапкер кабыл алынууга тийиш (10-берене).

***Төмөнкү мамлекеттик органдар жана алардын өкүлдөрү үчүн атайын чаралар, ошондой эле тең шайлоо укутарынын кепилдиктери белгиленген: Жогорку Кеңештин депутаттары, Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы, шаардык кеңештердин депутаттары, Эсептөө палатасынын аудиторлору, Жогорку соттун, Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялары, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын орун басарлары.***

## 4.2. Шайлоо мыйзамдарынын укуктук негиздери

***Шайлоо мыйзамдарынын укуктук негиздери,*** атап айтканда, Жогорку Кеңешке (парламентке) жана жергиликтүү кеңештерге шайлоолор, президенттик шайлоолор да Конституцияда белгиленген.

Ошентип, Жогорку Кеңеш 90 депутаттан турган эң жогорку өкүлчүлүктүү орган

болуп саналат жана 5 жылдык мөөнөткө шайланат. Ошол эле учурда Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоонун тартиби конституциялык мыйзам менен аныкталат (76-берененин 1-2 бөлүктөрү). Мындай мыйзам ***2011-жылдын 2-июлундагы "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Конституциялык Мыйзамы*** болуп саналат.

Парламенттик шайлоо системасын өзгөрткөн аталган Конституциялык мыйзамга олуттуу өзгөртүүлөр 2021-жылы киргизилген.[51]

Учурда Жогорку Кеңешке шайлоо аралаш система менен өтүп жатат:

- Жогорку Кеңештин 54 депутаты пропорционалдык система боюнча өлкөнүн бүт аймагын камтыган бирдиктүү шайлоо округунда шайланат. Талапкерлерди көрсөтүү укугу саясий партияларга таандык;
- Жогорку Кеңештин 36 депутаты БШК түзгөн бир мандаттуу округдар боюнча мажоритардык система боюнча шайланат. Ошол эле учурда талапкерлерди көрсөтүү укугу өзүн-өзү көрсөтүү жолу менен саясий партияларга жана жарандарга таандык.

Кыргыз Республикасынын шайлоо жөнүндө мыйзамдарында **саясий партиялардын талапкерлеринин арасында аялдардын өкүлчүлүгүн камсыз кылуу боюнча атайын чаралар каралган.** Алсак, «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Конституциялык Мыйзамда саясий *партия талапкерлердин тизмесин аныктоодо шайлоочулардын өкүлчүлүгүн эске алууга милдеттүү экенин белгилейт: бир жыныстагы талапкерлердин 70 пайызынан ашпоого тийиш, ал эми саясий партиялар тарабынан сунушталган аялдар менен эркектердин талапкерлеринин тизмелериндеги кезектеги айырма үч позициядан ашпоого тийиш (60-берененин 3-бөлүгү).*

Бул норма алгач аталган Мыйзамга 2011-жылы кабыл алынгандан бери киргизилген,[52] бирок анда тизме түзүү стадиясында киргизилген аял талапкерлердин, андан кийин депутаттык мандат алган аял депутаттардын ар кандай себептер менен өз ыйгарым укуктарын аткаруудан баш тартышына өбөлгө болгон «жылчыктар» калып, ал эми мандаттар партиялык тизмедеги кийинки эркектерге берилген. Ошентип, аялдар чечим кабыл алуу процесстеринен мыйзамдуу түрдө "жуулуп" калган.

Өнүктүрүү боюнча өнөктөштөр менен бирге жарандык коом уюмдарынын эбегейсиз күч-аракети менен **«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу»** 2017-жылдын 5-июнундагы № 96 Конституциялык Мыйзамга *депутаттык ыйгарым укуктар мөөнөтүнөн мурда токтотулган учурда, анын мандаты кезектеги каттлган талапкерге берилет деген ченемди киргизүүгө жетишүү мүмкүн болду:*

51. 2021-жылдын 26-августунда "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" конституциялык Мыйзамы кабыл алынган.

52. Ал эми мындай квоталар биринчи жолу 2007-жылдын 23-октябрындагы «Кыргыз Республикасынын Кодексинин жаңы редакциясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында пайда болгон.

*- аял талапкерлердин ичинен - аял депутаттын ыйгарым укуктары токтотулган учурда;*

*- эркек талапкерлердин ичинен - эркек депутаттын ыйгарым укуктары токтотулган учурда.*

*Талапкерлердин тизмесинде тиешелүү жыныстагы көрсөтүлгөн адамдар жок болгон учурда депутаттын мандаты ошол эле тизмеден кийинки талапкерге кезек менен өткөрүлөт (65-берененин 4-1-бөлүгү).*

Ошентип, парламенттик деңгээлде гендердик өкүлчүлүктү 30%дан кем эмес сактоо боюнча атайын чаралар күчөтүлдү.

Парламентте аялдардын өкүлчүлүгүн сактап калууга өбөлгө түзгөн кийинки кадам 2021-жылдын 26-августундагы № 103 «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» конституциялык Мыйзамын кабыл алуу болду. Анда төмөндөгүлөр белгиленген:

Саясий партия алган мандаттарды бөлүштүрүүдө саясий партия алган мандаттардын жалпы санынын 30%дан кем эмеси добуштардын эң көп санын алган аял талапкерлердин ортосунда бөлүштүрүлөт. Саясий партиянын талапкерлеринин тизмесиндеги аял талапкерлер добуштарды албай калган учурда, аялдардын квотасы боюнча калган мандаттар ушул жылы белгиленген саясий партиялардын тизмесине аял талапкерлердин жайгаштырылышынын тартибине ылайык бөлүштүрүлөт. Андан кийин мандаттардын жалпы санынын 70% сериялык номери башка талапкерлерге салыштырмалуу көбүрөөк добуш алган талапкерлерге бөлүштүрүлөт. Мында саясий партиянын талапкерлеринин тизмелериндеги талапкерлердин позициялары ар бир талапкер алган добуштарынын санына жараша кемүү тартибине жылдырылат (64-берененин 4-бөлүгү).

Бирок, бардык аракеттерге карабастан, Кыргызстандын парламентаризминин тарыхында ЖКда аялдардын 30% өкүлчүлүгүнө жетишүү эч качан мүмкүн болгон эмес. Алардын максималдуу үлүшү (25,5%) 2007-жылдын октябрында белгиленген, анда парламентке 23 аял депутат (25,5%) шайланган. Ал эми парламент толугу менен эркектерден турган жылдар да (2005) болгон.

Жергиликтүү кеңештерге шайлоолорду өткөрүүнүн укуктук негизи болуп 2011-жылдын 14-июлундагы № 98 «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Мыйзам саналат, ал Кыргыз Республикасынын жарандарынын шайлоо укуктарын жана алардын кепилдиктерин аныктайт, жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө байланышкан мамилелерди жөнгө салат.

Аталган Мыйзам кабыл алынган учурдан тартып, шаардык кеңештерге талапкерлердин тизмесин түзүүдө саясий партиялар бир жыныстагы адамдардын 70%дан ашпаган өкүлчүлүгүн эске алууга милдеттүү экени аныкталган, ошол эле учурда саясий партия тарабынан сунушталган аялдар менен эркектердин талапкерлеринин тизмелериндеги кезектүүлүгүнүн айырмасы эки алган багыттан ашпоого тийиш (49-берененин 7-бөлүгү).

Ушул эле Мыйзамда талапкер шайлоого катышууну улантуудан баш тарткан учурда, андан ары шайлоого катышуудан баш тартууга укуктуу экени белгиленген, ал эми саясий партия тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына тиешелүү жазуу жүзүндөгү арыз менен талапкерлердин тизмесин чакыртып алууга жана шайлоого катышуудан

баш тартууга же талапкерди (талапкерлерди) тизмеден чыгарууга укуктуу. Мында тизмеден чыгарылган талапкердин ордуна талапкерлердин тизмесине алынып салынган талапкер менен бир жыныстагы талапкер киргизилет (54-берене).

Бирок, буга карабастан жергиликтүү бийликке аялдардын катышуусунун төмөндөп кетиши байкалган. Ар бир кезектеги шайлоо айылдык кеңештерге шайланган аялдардын санынын азайышына алып келди. Жергиликтүү өкүлчүлүк органдарында аялдардын өкүлчүлүгү 2016-жылы 19%дан 2018-жылы 11%га чейин кыскарган, ал эми бул учурда ыйгарым үлүш 30% түзгөн.[53] Жергиликтүү кеңештерде аялдардын үлүшүнүн азайышы жарандык коомдун тынчсыздануусун жараткан.

Бул жергиликтүү деңгээлде айкын көрүнүп турган аялдардын күнүмдүк жашоосу менен байланышкан муктаждыктардын көп түрдүүлүгү жергиликтүү өз алдынча башкаруунун саясий күн тартибинде айтылбай калгандыгы менен шартталган; ошондой эле улуттук деңгээлде аялдардын саясий активдүүлүгү үчүн зарыл адистик дараметтин түзүлбөгөндүгү менен да түшүндүрүлөт.[54]

Өнүктүрүү боюнча өнөктөштөр менен биргеликте өкмөттүк эмес сектордогу аялдардын күч-аракети менен жергиликтүү кеңештерге шайлоодо аялдар менен эркектердин тең укуктуулугун чындап камсыз кылуу үчүн, 2019-жылдын августунда “Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Мыйзам кабыл алынып, анда бийликтин жергиликтүү өкүлчүлүктүү органдарынын деңгээлинде аялдардын өкүлчүлүгүн камсыз кылуунун кошумча механизмдери белгиленген:

- пропорционалдык система боюнча шайланган депутаттын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган учурда, анын мандаты аял депутаттын ыйгарым укуктары токтотулган учурда, аял талапкерлердин ичинен кийинки катталган талапкерге өтөт. Мандаттарды резервдин негизинде алган депутат аялдын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган учурда, мандат тиешелүү шайлоо округу боюнча добуштардын эң көп санын алган кийинки аял талапкерге өтөт (52-березенин 1-1 бөлүктөрү);
- айылдык кеңештердин депутаттарын шайлоонун натыйжаларын аныктоодо мандаттар адегенде аял-талапкерлердин ортосунда бөлүштүрүлөт. Башка аял талапкерлерге салыштырмалуу эң көп добуш алган аял талапкерлер шайланды деп таанылат, башкача айтканда, айылдык кеңештин депутаттарынын мандаттарынын 30%дан кем эмесин аялдар үчүн милдеттүү түрдө калтырууну караган (62-березенин 2-бөлүгү).

Бул өзгөртүүлөр киргизилгенден бир ай өткөндөн кийин, 2019-жылдын сентябрь айында Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районундагы Саруу айыл округунда жергиликтүү кеңештин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоо болуп, 9 аял депутат болуп шайланган.[55]

53. Кыргыз Республикасында Туруктуу өнүктүрүү максаттарына жетишүүнүн улуттук ыктыярдуу кароосу. – 59 б.
54. Кыргыз Республикасында Туруктуу өнүктүрүү максаттарына жетишүүнүн улуттук ыктыярдуу кароосу. – 61 б.
55. https://24.kg/vlast/130506_vyiboryi_vsaruu_kak_jenschinyi_sela_uterli_nos_mujchinam

Бир жарым жылдан кийин, 2021-жылдын 11-апрелинде 2019-жылы шайлоо мыйзамдарына киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык, өлкө боюнча биринчи жолу жергиликтүү кеңештерге шайлоо өттү.

Айрым шайлоо участокторунда шайлоо өткөн жок деп табылганына [56] жана жаңы шайлоолор белгиленгенине карабастан,[57] жергиликтүү кеңештерге шайланган аялдардын үлүшү 38% түзгөн. Мындай жыйынтыкты гендердик теңчиликке жетүүдөгү чоң ийгилик деп эсептесе болот.

## 4.3. Аялдарга карата зомбулук улуттук мыйзамдар жагынан

Кыргыз Республикасынын улуттук мыйзамдарында конституциялык деңгээлде да, кодекстер деңгээлинде да, мыйзамдардын деңгээлинде да бүткүл укук тутумуна мүнөздүү болгон «гендердик зомбулук», башкача айтканда, жыныстык өзгөчөлүгү боюнча жасалган зомбулук, ошондой эле «аялдарга карата зомбулуктун» атайын концепциясы түшүнүгү жок. Бир гана мыйзымдык акт менен бекитилген, өзгөчө жана кризистик кырдаалдарда аялдарга жана балдарга карата зомбулуктун тобокелдиктерин азайтуу боюнча мамлекеттик бийлик органдары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, ошондой эле башка уюмдардын жана жарандардын өз ара аракеттенүүсүнүн тартиби жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 22-августундагы № 418 Жобосунда гендердик зомбулукка карата «физикалык, сексуалдык же психологиялык зыянга же азапка алып келген же алып келиши мүмкүн болгон гендердик зомбулуктун ар кандай актысы, ошондой эле мындай аракеттерди жасайм деп коркутуу, мажбурлоо, же коомдук, же жеке турмушта эркинен негизсиз ажыратуу» деген аныктама менен берилген. Бул эл 1993-жылы Аялдарга карата зомбулукту жоюу боюнча Декларация эл аралык документинде берилген аныктама менен шайкеш келет. Албетте, бул токтом тар адистештирилген мааниде колдонулат, анткени ал Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара аракеттенүүсүнүн, ошондой эле башка мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдардын жана жарандардын өзгөчө жана кризистик кырдаалдарда гендердик зомбулуктун алдын алуу, бөгөт коюу жана ага каршы аракеттенүүсүнүн тартибин аныктайт.

Улуттук мыйзамдарда гендердик зомбулуктун бирдиктүү аныктамасынын жоктугуна карабастан, анын спецификалык формалары (атап айтканда, алардын алдын алуу, бөгөт коюу жана жабырлануучуларга жардам көрсөтүү) мыйзамдардын ар кандай тармактарынын ченемдери – кылмыш, жазык-процесстик, үй-бүлөлүк, эмгек, укук бузуулар жөнүндө мыйзамдар, үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана коргоо жаатындагы мыйзамдар ж.б. менен жөнгө салынарын моюнга алуу керек.

Ушундан улам, мисалы, үй-бүлөлүк зомбулук, биринчи кезекте,[58] аялдар жапа чеккен зомбулук катары, улуттук мыйзамдардын көз карашы боюнча, кылмыш катары да, ошондой эле Кылмыш-жаза кодексине же Тартип бузуулар кодексине ылайык, жаза каралган кылмыш катары да квалификацияланышы мүмкүн. Мындан тышкары, үй-бүлөлүк зомбулук жасаган

56. Мисалы, Ош шаардык кеңешинин, Токмок шаардык кеңешинин

57. https://shailoo.gov.kg/media/askar/2021/05/28/2021.pdf

58. 2020 –жылы 95%дан ашык

адамга карата атайын мыйзамда – «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» мыйзамында каралган чаралар колдонулушу мүмкүн.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 177-беренесине ылайык, үй-бүлөдөгү зомбулук – үй-бүлөнүн бир мүчөсүнүн башка үй-бүлө мүчөсүнө же ага теңештирилген адамга карата атайылап жасаган, жабырлануучунун конституциялык жана башка укуктарын жана эркиндиктерин бузган ар кандай аракети, ошондой эле анын физикалык же психикалык жактан азап чегип, же анын физикалык, же психикалык өнүгүүсүнө зыян келтирген, натыйжада ден соолугуна анча оор эмес зыян келтирген учурлар.

Кылмыш-жаза кодексинин 70-беренесинде үй-бүлөдөгү зомбулукту «физикалык, психологиялык, экономикалык зомбулукту атайылап колдонуу же физикалык зомбулук көрсөтөм деп коркутуу» деп аныктайт, ошондой эле үй-бүлөнүн бир мүчөсү/тең статустагы адам тарабынан башка үй-бүлө мүчөсүнө/ бирдей статустагы адамга карата жасалган кайдыгерлик мамиле». Ошентип, ар бир конкреттүү учурда үй-бүлөлүк зомбулуктун квалификациясы ден соолукка анча оор эмес зыян келтирүү түрүндөгү кесепеттердин келип чыгышына же болбошуна жараша болот.

Мурда белгиленгендей, атайын ченемдик–укуктук акт катары «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» мыйзамы болуп саналат, анын 1-беренесин 10-пунктуна ылайык үй-бүлөлүк зомбулук – «физикалык, психологиялык, экономикалык мүнөздөгү атайылап жасалган аракеттер же аларды коркутуу, ошондой эле үй-бүлөнүн бир мүчөсү/тең статустагы адам тарабынан башка үй-бүлө мүчөсүнө / бирдей статустагы адамга карата жасалган кайдыгерлик» деп берилет. Бул Мыйзам үй-бүлөлүк зомбулуктун төрт түрүн (физикалык, экономикалык, психологиялык зомбулук жана кароосуздук) карайт.

Психологиялык зомбулук – физикалык, сексуалдык, экономикалык зомбулук жасоо коркунучу, ошондой эле ар-намысты жана кадыр-баркты атайылап кемсинтүү, өмүргө коркунуч туудурган же психикалык жана ден соолуктун бузулушуна алып келген укук бузууларды же аракеттерди жасоого мажбурлоо, ошондой эле жашы жеткен адамдардын баарлашуу укугун чектөө.

Физикалык зомбулук – үй-бүлөнүн бир мүчөсүнүн/ага теңештирилген адамдын башка үй-бүлө мүчөсүнө/ага теңештирилген адамга түздөн-түз же кыйыр түрдө атайылап күч колдонуу менен таасир этиши, турмуштук маанилүү иш милдеттерин аткаруу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратуу, ар түрдүү багыттагы кыймыл-аракет, турак-жай, тамак-аш, кийим-кече эркиндигинен ажыратуу же чектөө, оор кара жумуштарга мажбурлоо, ошондой эле камкордук жана камкордук милдеттерин аткаруудан качуу.

Экономикалык зомбулук – бир үй-бүлө мүчөсүнүн/үй-бүлө мүчөсүнүн ага теңештирилген башка үй-бүлө мүчөсүн/адамды багуу боюнча милдеттерин атайылап аткарбашы, ошондой эле адамдын мыйзамда белгиленген мүлкүн же кирешесин алуу же тескөө укугунан атайылап ажыратуу же чектөө, жана/же ишенимдүү башкаруучу тарабынан акча каражаттарын жана мүлктү ишенимдүү башкаруучуга зыян келтирип пайдалануу.

Кайдыгерлик мамиле – үй-бүлө мүчөлөрүнө жана аларга теңештирилген адамдарга кам көрүү боюнча милдеттерди атайылап аткарбоо.

Сексуалдык зомбулукту караштырса, ал үй-бүлөлүк зомбулуктун өз алдынча түрү катары каралбайт, анткени ал кылмыш иши, ал эми объективдүү жагына жараша зордуктоо, сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер, сексуалдык мүнөздөгү аракеттерди жасоого мажбурлоо, 16 жашка чыга элек адам менен сексуалдык мүнөздөгү аракеттер, адепсиз жоруктар катары

квалификацияланышы мүмкүн. Сексуалдык зомбулуктун бул түрлөрү үй-бүлө мүчөсү же башка адам тарабынан жасалганына карабастан, Кылмыш-жаза кодексине ылайык жазаланат.

Аялдарга карата зомбулуктун башка түрлөрү «Үй-бүлөлүк мамилелерге жана балдардын кызыкчылыктарына каршы кылмыштар» главасына бириккен кылмыш-жаза мыйзамдарында каралган кылмыштардын тобу саналат. Жабыркагандардын басымдуу бөлүгүн аялдар жана кыздар түзөт. Алардын арасында никеге туруу максатында адамды ала качуу, никесиз жашоого барууга мажбурлоо, адамды никеге турууга мажбурлоо, диний жөрөлгөлөрдү өткөрүүдө нике курагы боюнча мыйзамдарды бузуу, эки аял алуу же көп аял алуу кирет.


Албетте, аялдарга карата зомбулуктун түрлөрү катары сойкулукка тартуу, адам сатуу, мыйзамсыз бойдон алдыруу ж.б.аракеттери саналат.

# 5. КЫРГЫЗСТАНДА САЯСАТЧЫ АЯЛДАРГА КАРАТА ЗОМБУЛУКТУН ФОРМАЛАРЫ ЖАНА ТҮРЛӨРҮ

## 5.1. Физикалык зомбулук

Аялдардын анкеталарын талдоо, депутаттыкка талапкер аялдарга жана учурда иштеп жаткан депутат аялдарга багытталган физикалык зомбулукка сурамжылоого катышкан 2 аялдын гана (2%) кабылганын көрсөттү, бул зомбулуктун ушул формасынын аз таралышы жөнүндө айтат (9-сүрөт). Эркек–респондттер алардын бири да физикалык зомбулукка кабылбаганын белгилешти.

9-сүрөт. Сиз депутат/талапкер катары физикалык зомбулукка кабылган жагдайга туш болдуңуз беле? (аялдардын жооптору)




Физикалык зомбулукка кабылган аялдардын бири зомбулук тез-тез болуп турарын айтты, экинчиси мындай зомбулуктун бир жолку мүнөзүн белгиледи. Ошол эле учурда алар бул аракеттер аялдар менен эркектер тарабынан бирдей болгон, коомдук иш-чараларда (шайлоочулар менен жолугушууларда, чогулуштарда, ж.б.), иштеген жерде, ошондой эле жергиликтүү аймактык шайлоо комиссиясында болгон деп жооп беришти. Физикалык зомбулукка бейтааныш адамдар, ошондой эле жумуштагы кесиптештери жол берген. Жабыркаган аялдар кылмышкерди жоопко тартуу маселесин көтөрүшкөн эмес.

> *««Биз үгүт иштерин жүргүзгөнү 2-3 кишиден барат элек, материалдарды таратат элек... Шайлоочулардын бири бизге блокнот, калемдерди ыргытып жиберди. Ал аял муну атайын кылды…»*
>
> *(депутаттыкка аттанган талапкер аял менен интервьюдан)*


Ал эми респондент–аялдарга башка саясатчы аялдарга алардын шайлоо өнөктүгүнө катышуусуна, депутат катары саясий ишмердүүлүгүнө байланыштуу болгон физикалык зомбулук же аны менен коркутуу аракеттери тууралуу маалым болгондугу жөнүндө суроого сурамжылангандардын 12% «ооба» деп жооп беришти. Ошол эле учурда сурамжыланган эркектердин баары мындай учурлар жөнүндө уккан эмес.

Терендетилген интервьюнун катышуучу аялдардын бири Президенттикке талапкер болгон аялдын шайлоо штабында иштеген, ошол талапкер аялга карата физикалык зомбулук болгондугу тууралуу айтып берди.

> ***«Президенттик шайлоо учурунда, мен Президенттикке аттанган талапкердин штабында жүргөндө, биз эл арасында сурамжылоо өткөргөнбүз, алар биздин электорат эмес болчу. Анан биз айылдан келген чоң курактуу аялдардын бир тобуна туш болдук, алар агрессивдүүлүктү көрсөтүп, аялдын орду - үйдө деп кыйкырышты... бизди колдор менен кармап, «саясат аялдын иши эмес, үй-бүлө менен алек болуш керек» деп кыйкырып, бизди айдап баштады. Биз ал жактан качышыбыз керек болду...»***
>
> *(депутаттыкка аттанган талапкер аял менен интервьюдан)*

## 5.2. Психологиялык зомбулук

Психологиялык зомбулук, эреже катары, өзүнүн күчүнө болгон ишенимди алсыратууга, коомдун алдында авторитетти төмөндөтүүгө багытталган.




Сурамжыланган аялдар туш болгон психологиялык зомбулуктун көрүнүштөрүнүн формалары бул коркутуу, кемсинтүү, оозеки кордоо, шантаж жана коомдун алдында жаманатты кылуу. Ошентип, кемсинткен эскертүүлөрдү, сексисттик [59] мүнөздөгү сөздөрдү сурамжылоого катышкан аялдардын 15% жана эркектердин 7% башынан өткөрүшкөн (10-сүрөт). Респондент–аялдардын белгилешинче, «бул сөздөр менин аял экенимди жана аялдардын саясатта орду жок экенин бир аз кыйытып да, түз мазактоо түрүндө да көрүндү». Бул иш-аракеттер эркектер тарабынан гана эмес, аялдар тарабынан да бирдей болгондугун белгилей кетүү керек (муну эки жыныстагы респонденттер көрсөтүштү). Баарынан да аялдарга карата мындай аракеттерге саясий оппоненттер, ошондой эле жөн эле тааныштар жол берген. Азыраак даражада – аялдардын туугандары. Бул аракеттер жеке жолугушууларда көбүрөөк орун алган.

> ***«Шайлоо өнөктүктөрдүн учурунда мен жарандык коомдун өкүлү жана Кыргызстандын түштүк аймагындагы активдүү укук коргоочулардын бири болгонум үчүн оппоненттерим мени чет элдик агент деп жаманатты кылууга аракет кылган учурларга бир нече жолу туш болгонмун… Алар мен өкмөттүк эмес уюмда иштеп, андыктан “мен батыш баалуулуктарын жайылтам жана ЛГБТ коомчулугун жарнамалайм” деп түшүндүрүп, электоратты мага***

59. Сексизм - бул бейкалыстык мамиле, адамды жыныстыгы же гендердик идентүүлүгү боюнча басмырлоо. Сексизмдин негизинде бир жыныстын экинчисинен жогору турат деген ишеним жатат.

***добуш берүүдөн баш тарттырууга аракет кылып жатышат.***

*(депутаттыкка аттанган талапкер аял менен интервьюдан)*

***«Ал [60] мени дароо эле жактырган жок мен партиялык тизмеде 12, ал эми ал 98 болгону үчүн. Ал мени өзүмдүн талапкерлигимден баш тарттырууга аргасыз кылуу үчүн ар кандай жолдор менен ишиме тоскоолдук көрсөтүп баштады, партиялаштарды мага, анын ичинде мен жөнүндө ишенимсиз ушактарды таратып, каршы буруп баштады. Ал менин өмүр баянымды изилдеп, менин бойдок экениме, ошондуктан, балким, мен тизменин башында орунду жөн эле алган жокмун деп, көңүл бурдура баштады».***

*(депутаттыкка аттанган талапкер аял менен интервьюдан)*

***«Менин оппоненттериме айыл өкмөт башчысы тарабынан колдоо көрсөтүлгөн, ал өзүнүн кызмат абалынан пайдаланып, аларга үгүттөөгөн, ошонму менен мен жөнүндө чындыкка дал келбеген маалыматты таратып, мага добуш бербөөгө үндөгөн. Ошондуктан мен күрөш тең эмес өттү деп ойлойм... менин оппоненттериме башчынын колдоосу менен үгүт жүргүзүү жеңилирээк болду».***

*(депутаттыкка аттанган талапкер аял менен интервьюдан)*

Аял жана эркек талапкерлерди кемсинткендер ар кандай себептер менен эч кандай жоопко тартылышган эмес – болжол менен бирдей сандагы сурамжылангандар алар укук коргоо органдарына кайрылбаганын көрсөтүшкөн же кайрылса да, аларды түздөн-түз же кыйыр түрдө коргоодон баш тартышканын билдиришкен. Кемсинткен эскертүүлөрдү алгандыгы боюнча суроого «ооба» деп жооп берген эркек киши укук коргоо органдарына кайрылган эмес.

Эркектердге (респонденттердин бардык 100%ы), алардын жоопторуна караганда, башка саясатчы аялдарга карата шайлоо өнөктүгүнө катышуусуна, депутат катары саясий ишмердүүлүгүнө байланыштуу психологиялык зомбулук, сексисттик билдирүүлөр, кемсинтүүлөр фактылары тууралуу билгисиз.


Куугунтукка, башкача айтканда, психологиялык зомбулуктун бир түрү катары коркуу сезимин пайда кылган кайталанган жана каалабаган жүрүм-турумга, мисалы каалабаган көңүл бурууга, баарлашууга же байланышка сурамжыланган аялдар жана эркектер сейрек учурларда дуушар болушкан (тиешелүүлүгүнө жараша 6% жана 10%). Эркектер жана аялдар саясий оппоненттери жана тааныш адамдары тарабынан куугунтукка алынганын көрсөтүшкөн, ал эми аялдар кошумча дагы бейтааныш адамдар тарабынан куугунтукка алынганын айтышкан. Куугунтук көчөдө, жолугушууларда, ошондой эле мессенджерлер, социалдык тармактар, телефон, электрондук почта аркылуу болгон.

60. Партиялаш, депутаттыкка аттанган эркек-талапкер

> ***«Бир унаадагы эркек оппоненттер мага үгүт иштерин жүргзүүмө тоскоолдук кылышты. Эртеден кечке чейин куугунтукташкан».***
>
> *(талапкер аялдардын биринин анкетадагы түшүндүрмөсү)*

Күнөөлүүлөр жоопко тартылган эмес, анткени сурамжылангандардын бири да укук коргоо органдарына кайрылган эмес. Ошол эле учурда куугунтук жөнүндө суроого оң жооп берген сурамжыланган эки эркек кишинин бирөөсү андан куугунтуктоочу жеке кечирим сураганын белгиледи.

**11-сүрөт. Сизге жана/же сиздин жакындарыңызга (үй-бүлөңүздүн мүчөлөрүнө, досторуңузга, ж.б.) зыян келтирүү коркутууларды алдыңыз беле? (аялдардын жооптору)**





Иштердин дээрлик үчтөн биринде (32%) аялдар психологиялык зомбулуктун бир түрү катары коркутууларга туш болушкан (11-сүрөт), ал эми сурамжылангандардын дээрлик бештен бир бөлүгү (19%) башка саясатчы аялдарга болгон психологиялык зомбулук, сексисттик билдирүү, кемсинтүү учурлары жөнүндө билишет. Бул аракеттер байланыш каражаттары (мессенджерлер, социалдык тармактар, телефон, электрондук почта) аркылуу да, жеке байланыш аркылуу да (иш ордунда, партиялаштары менен жолугушууларда, коомдук иш-чараларда (шайлоочулар менен жолугушууларда, чогулуштарда, ж.б., көчөдө, ж.б.) ишке ашырылган. Зомбулуктун башка түрлөрүндөгүдөй эле, күнөөлүүлөр жоопко тартылган эмес, анткени укук коргоо органдары жабыркаган адамдарды коргоодон түз же кыйыр түрдө баш тартышкан.

Эркек–респондттерди караштырса, 1 ага жана/же анын жакындарына зыян келтирүү коркутуулар тууралуу суроого оң жооп берген, ал мындай нерсе көчөдө тааныш адамдар тарабынан бир нече жолу болгондугун көрсөткөн. Респондент укук коргоо органдарына кайрылган эмес.

## 5.3. Экономикалык зомбулук

**12-сүрөт. Экономикалык ресурстарга/алардын бөлүштүрүүсүнө Сизде эркектер менен бирдей тең жетүү мүмкүнчүлүктөрү бар болгон беле? (аялдардын жооптору)**




Сурамжылоого катышкан аялдардын дээрлик үчтөн бири (30%) экономикалык зомбулукка кабылган (12-сүрөт). Аялдар үчүн экономикалык ресурстарга/алардын бөлүштүрүүсүнө эркектер менен бирдей тең жетүү мүмкүнчүлүктөрү болгон эмес. Көбүнчө экономикалык зомбулук, логикага ылайык, «эркектер тарабынан гана» же «көбүнчө эркектер тарабынан» болгон. Муну терендетилген интервьюга катышкан аялдар да ырасташты. Зомбулуктун башка

түрлөрү сыяктуу эле, эч ким жоопко тартылган эмес. Албетте, бул аялдардын бул маселени көтөрбөгөндүгү менен гана эмес, мыйзамда бул аракеттер мыйзамсыз деп эсептелбегени менен да түшүндүрүлөт. Ал эми сурамжылангандардын экономикалык зомбулук фактылары (ресурстарга жетүү же аларды бөлүштүрүүдөгү теңсиздик ж.б.) тууралуу маалымдуулугун караштырса, башка саясатчы аялдарга карата, алардын шайлоо өнөктүгүнө катышуусуна, депутат катары саясий ишмердүүлүгүнө байланыштуу болгондугу боюнча суроого жооп берген аялдардын 15%-ы гана маалымдуулугун көрсөттү.

Эркек–респондттер 15%дык учурда экономикалык зомбулуктун бул түрү аялга карата болот деп эсептешет.

Көп жагынан аялдардын экономикалык чектөөлөрү, жалпысынан алардын экономикалык ресурстарга эркектер менен бирдей эмес жеткиликтүүлүгүнө байланыштуу. Белгилүү болгондой, шайлоо өнөктүгүн өткөрүү, үгүт иштерин жүргүзүү (шайлоочулар менен жолугушуулар, үгүт басма жана видеоматериалдар) олуттуу каражаттык салымдарды талап кылат, ага аз сандагы аялдар гана ээ.

*«Ар бир талапкер, анын ичинде аялдар, үгүт иштерине кеткен чыгымдарга акча жумшашкан. Башка талапкерлердей чоң каражатым жок болгондуктан, 2016-жылы партиянын штабынан шайлоо өнөктүктөрүнө каражат алууда чектөөлөр болгон. Ошондуктан мен жөнүндө баннерлер, буклеттер азыраак болгон. Шайлоочулар менен жолугушууга көп убакыт короттум, каражаттын жоктугуна карата көп шайлоочуларды бир жерге чогулта албай, ошон үчүн чакан топтор менен иштөөгө туура келди, ага көп убакыт кетти. Телевидениеге жана радиого өзүм жөнүндө видео-кайрылууларды даярдай албадым... »*

*«Жөнөкөй эле бир мисал – кээде аялдардын үгүт иштерин жүргүзүүгө ал тургай транспортко акчасы жок, эркектердин унаасы да бар, бензинге акчасы да бар...»*

*«Аялдар өз акчаларын коротушат, ал эми партиялар көбүрөөк эркектерди каржылайт... »*

*«Жогорку Кеңешке шайлоо учурунда эркектер үгүт иштерине көбүрөөк коротушту, демек алардын акчасы да көбүрөөк...»*

*«Мен КР Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоолоруна катышканымдын эки учурнда тең партия лидерлери тарабынан партияга каржылык салым кошуу талабы болгон эмес, бирок партиялаш эркектер тарабынан нааразычылыктар болгон, алар аялдардын эркектер менен бирдей негизде каржылык салым кошуусун каалашкан. Бирок, партиялык ресурстарга жетүү мүмкүнчүлүгү чектелип калган учурлар болгон, мисалы, 2010-жылы штабдын башчысы менен болгон чырдан улам ал менин ишиме кызматтык абалынан пайдаланып ар кандай жол менен тоскоолдук көрсөткөн, менин сүрөтүм менен боло турган баннерлердин санын 3 эсеге кыскарткан, жана аларды менин негизги электоратым жашаган аймакта эмес (Ош), башка мени эч ким тааныбаган Бишкек шаарында илүүгө буйрук берчү. Ошондой эле жолугушууларга автоунаа бербей, аны жалпы кассага акча салган эмессиң, ошон үчүн иш-сапарларды жана шайлоочулар менен жолугушууларды өз эсебиңен уюштурушуң керек дешкен».*

*(талапкер аялдар менен болгон интервьюдан)*

Аялдарга карата зомбулук көрсөтүүнүн дагы бир түрү – бул алардын оозун жабуу жана атайылап сүйлөөгө мүмкүнчүлүк бербөө, бул суроого жооп берген аялдардын 12%-ы мындай нерсеге туш болгон. Бул суроого «ооба» деп жооп берген 12 аялдын ичинен андай аракеттер «эркектер тарабынан көбүрөөк» (4 адам) же «эркектер тарабынан

гана» (3 адам), ошондой эле эркектер да, аялдар да бирдей даражада (3 адам) болгондугун көрсөтүштү. Көбүнчө бул саясий оппоненттерге тиешелүү болгон (5 адам). Буга чейинки учурлардай эле эч ким жоопко тартылган эмес (11 адам), ал эми бир учурда аялдын кайрылуусуна көңүл бурулбай калган


Сиз башка саясатчы аялдар өз ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө тоскоолдуктарга туш болгон (аларга атайылап сүйлөөгө мүмкүнчүлүк берилген эмес же аларды оозун жабууга мажбурланган (сөзүн үзүшүкөн, микрофонду өчүрүшкөн, ж.б.)) учурлар тууралуу билесизби деген суроосуна жооп берген аялдардын 14%ы «ооба» деп жооп беришкен. Сурамжыланган эркектердин эч кимиси өзүнө карата мындай учурларга туш болгон эмес.

> *«Мен саясий көз карашымдан улам тоскоолдуктарга туш болом, анткени мен демократия идеясын карманып келем жана айылдын ресурстарын адилеттүү бөлүштүрүүсүн жактайм жана башка депутаттар же аткаминерлер менен өз кызыкчылыгым үчүн сүйлөшүп албайм, тескерисинче, коомдук кызыкчылыктардын жактоочусумун, ошон үчүн көп учурда мен азчылыкта болуп калам жана аргам кетип, уламдан-улам өз мандатымды тапшырып салууну ойлой берем, анткени күрөшүүнүн мааниси жок деп».*
>
> *(депутат аял менен болгон интервьюдан)*

## 5.4. Сексуалдык зомбулук жана куугунтуктоо

Изилдөөдө аялдардан жеке алар сексуалдык асылууга туш болгон-болбогону суралган эмес. Анкеталык сурамжылоо респондент – аялдын инсандыгын аныктоого мүмкүндүк бергендиктен, бул суроонун берилиши ар кандай себептерден (мисалы, суроонун өзүнүн интимдик мүнөзү, алынган маалыматтын таралып кетүүсүнөн коркуу, маданий, этникалык, диний өзгөчөлүктөрү ж.б.) жооптордун чынчылдыгына таасир этүүсү мүмкүн болмок. Ошондуктан, аялдарга «башка» аялдарга тиешелүү сексуалдык асылуунун ошондой учурлары тууралуу алардын маалымдуулугу жөнүндө гана суроо берилген. Албетте, бул суроого жооп берип жатып, аялдар өздөрүнүн да жеке тажрыйбасын чагылдыра алышмак.

**13-сүрөт. Саясатчы аялдарга карата жагымсыз асылуулар же сексуалдык мүнөздөгү талаптар, сексуалдык мүнөздөгү каттар жана билдирүүлөр түрүндөгү сексуалдык асылуу (аял катары куугунтук) учурлары жөнүндө Сизге белгилүүбү? (аялдардын жооптору)**




Респондент–аялдардын саясатчы аялдарга карата жагымсыз асылуулар же сексуалдык мүнөздөгү талаптар, сексуалдык мүнөздөгү каттар жана билдирүүлөр түрүндөгү сексуалдык асылуу (аял катары куугунтук) учурлары жөнүндө болгон маалымдуулугу тууралуу суроого жоопторунун талдоосунун натыйжалары таасирлентти – 97(!)% «ооба» деп жооп беришти (13-сүрөт). Ошндуктан, бул көрүнүш өтө кеңири таралган деген тыянак чыгарууга болот.

Бул суроого жооп берген аялдар куу-

гунтуктоо эпизоддору кайталанганын билишкенин белгилешти. Ошондой эле, бул аракеттер ким тарабынан болгон деген суроого жооптордун арасынан респондент–аялдар «партиялаштар тарабынан» деген вариантты белгилешкен. Бирок ошол эле маалда саясатчы аялдар сексуалдык асылуулардан баш тартканда, алардын укуктары бузулган учурларды билесизби деген суроого аялдар терс жооп беришти. Куугунтуктун кесепети болгон жоопкерчилик жөнүндө суроого респондент–аялдар «жок» же «билбейм» деп жооп беришкен. Сексуалдык асылуу учурлары жашыруун болгондугун жана бул маселе боюнча соттук практика өтө начар болгондугун, ошондой эле мыйзамдардын жеткилеңсиздигин (куугунтукка тыюу салуу жөнүндө атайын мыйзамдын жоктугу)[61] эске алса, жогорку деңгээлдеги ишенимдүүлүк менен күнөөлүүлөр сексуалдык асылуулар үчүн жоопкерчилик тартышпагандыгын болжолдоого болот.


Сурамжыланган эркектерди караштырса, саясатчы аялдарга карата жагымсыз асылуулар же сексуалдык мүнөздөгү талаптар, сексуалдык мүнөздөгү каттар жана билдирүүлөр түрүндөгү сексуалдык асылуу учурлары жөнүндө болгон маалымдуулугу тууралуу суроого 1 гана оң жооп берди, ошону менен ал анда толук маалымат жоктугун билдирди.

Тереңдетилген интервьюнун катышуучу аялдар мындай маалымат менен кененирээк бөлүшүп, куугунтукка кабылган учурларды белгилешти, ошол эле учурда аялдардын өздөрү бул жоруктарды дайыма эле аныктай албастыгын билдиришти.

> *«Көбүнчө аялдарды, анын ичинде саясатчы аялдарды, куугунтуктоо учурлары (жеке чектерди бузуу, сүйлөшүү учурунда утур-утур сылап коюу, уятсыз тамашалар жана кыйытмалар, фигураны жана кийимди талкуулоо ж.б.) кенен тараган. Маселенин маңызы, биз өзүбүз – аялдар – бул учурларды куугунтук деп аныктабайбыз, б.а. биз өзүбүздүн жеке чектерибизди коргоп, мындай учурларды тыюуга көнгөн эмеспиз.*
>
> *(талапкер аял менен болгон интервьюдан)*

## 5.5. Масс-медиадагы зомбулук

**14-сүрөт. Саясатчы аял катары Сиз тууралуу кемсинткен же сексуалдык мүнөздөгү сүрөттөр же комментарийлер ММК жана социалдык медиада тараган беле? (%, аялдардын жооптору)**




Сурамжылоого катышкан аялдардын басымдуу көпчүлүгү (94%) алардын кемсинткен же сексуалдык мүнөздөгү сүрөттөрү же алар жөнүндө саясатчы аял катары комментарийлер массалык маалымат каражаттарында жана социалдык тармактарда таратылбаганын белгилешти (14-сүрөт). Бул суроого «ооба» деп 6% аялдар жооп берген, алардан жарымы бул аракеттер бир нече жолу болгонун көрсөтүшкөн (6 адамдан 3 адам). Бул аракет-

61. «Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» Мыйзам гана сексуалдык асылууга тыюу салат.

тер социалдык тармактарда үчтөн бир бөлүгүндө болгон. Башка учурлардагыдай эле кемсинткен же сексуалдык мүнөздөгү сүрөттөрдү же комментарийлерди тараткандар жоопко тартылышкан эмес.

Терeңдетилген интервьюлардын катышуучу аялдар жеке өзүлөрү тууралуу уятсыз комментарийлер болгондугун, алар социалдык тармактардагы сүрөттөргө уятсыз комментарийлер болгонун белгилеп, моюнга алышты.

> *«Кимдир бирөө мага комментарийлерде менин саясатка аттанганымдын себеби күйөөм мени канааттандырбайт деп жазыптыр»*
>
> *(талапкер – аял менен болгон интерьюдан)*

Респондент–аялдар бир нече жолу ММК–да чындыкка дал келбеген маалыматтарды тараткан учурларга туш болгонун белгилешти. Көпчүлүк аялдар бул социалдык тармактардагы басылмалар экенин белгилеп, бул кайталанып жатканын белгилешти.

> *«Айыл өкмөт башчысы менин биздин айылдык кеңешке депутат болушума каршы болгон, ошон үчүн анын көмөгү менен дагы бир аял талапкер болуп катталып, анын жардамы менен калган эки эркек талапкерлер менен бириккен. Алар биригип мессенджерлер жана ватсап-топтору аркылуу айыл тургундарынын арасында үгүт иштерин жүргүзүп, мен жөнүндө ар кандай чындыкка дал келбеген ушактарды таратышкан, мен жеке кызыкчылыгымды көздөп жатам жана коррупциялык схемаларды алып өтүүгө аракет кылам ж.б. деп».*
>
> *«Мен фейк аккаунттарга биринчи жолу туш болдум, мени эң көп капа кылган ушул жагдай болду, бирок чөйрөм мага күчтүү колдоо көрсөттү. Сабатсыз адамдар ишенип алышты, ошон үчүн актанууга убакыт коротууга зарыл болдум. Мен тааныган адамдар атаандашымдан өч алып, кара пиар жасоону сунушташкан, бирок мен адан баш тарттым. Мен досторума, айлана-чөйрөмө жана авторитетиме таянам. Колдоп чалгандар да көп болду. Бул ким болушу мүмкүн экенин болжол менен билип турам (эркек)».*
>
> *(депутат аялдар менен болгон интервьюлардан)*

Сурамжыланган 104 аялдын 12си (11%) массалык маалымат каражаттарында жана социалдык медиада башка саясатчы аялдарга (депутаттарга, талапкерлерге) карата кемсинткен же сексуалдык мүнөздөгү сүрөттөрдүн же комментарийлердин чындыкка дал келбеген маалыматтардын таралышы тууралуу маалымдуулугун көрсөтүшкөн.

Эркектердин жоопторун караштырса, алардан бирөөсү гана анын дарегине болгон жасалма сүрөттөрдүн болгондугун көрсөтсө, ал эми 4 адам алар тууралуу ММКда / социалдык тармактарда чындыкка дал келбеген маалыматтар жарыялanganын белгилешти, ошол эле учурда 4төн 3 адам ушундай иш-аракеттердин кайталаганын көрсөтүштү. Күнөөлүүлөр жоопкерчилик тартышкан жок.

Сурамжылангандар масс-мадиадагы зомбулуктун көрүнүштөрү ким тарабынан (аялдар же эркектер) болгондугун көрсөтүшпөгөндүгүн белгилеп кетүү зарыл. Балким, бул ар кандай лакап аттардын артында ким жашырынып жатканын ишенимдүү аныктай албагандыгына байланыштуу болушу мүмкүн. Бирок контент-талдоо тескери тарапты ачыкка чыгарууга, колдоо сөздөрү ким тараптан – аялдар же эркектер – айтыларын көр-

сөтүүгө жардам берди. Ошентип, мисалы, аялдардын тилектештигине чакырыктарды, көбүнчө аялдардын саясатка катышуусунан бүткүл коом ала турган пайдаларды түшүнгөн аялдар айтып чыгышат.

*«Аялдар жетекчи кызмат орундарын ээлеген өлкөлөр чындап өнүгүп жатат!!!»*

*«...аялдар өздөрүнүн күчүнө жана саясий жактан туура чечим кабыл алганына өз ишенимин көрсөтүүгө жана эркектерге болгон өлкөнү сактап калуу жана көтөрүү ишеничи төмөндөгөнүн көрсөтүүгө убакыт келди!»*

*«Аялдар үчүн алга, канчалык көп болсо, ошончолук жакшы. Бизди ким түшүнөт, бир гана аял»*

*«Бизде президент да, шаардын мэри да, губернатор да, айыл өкмөтү да – баары аялдар болоорун каалайм. Эркектер өлкөнү толугу менен талкалап салышты...»*

*«Эркек саясатчылар кылып жаткандарын баарына ишеним да, күбө болууга эч кандай күч да жок!...»*

*«Эркек–саясатчылар, лидерлер интригалардан, саясий басып алуулардан жана жалган патриотизмден тайып кетишкен! Аялдар кайраттуураак болуп канаттарын жаюга убакыт келди, болбосо эркектер мамлекетти талкалайт!..»*


*(Facebook-тармагындагы постторго комментарийлерден)*

# 6. КЫРГЫЗСТАНДА САЯСАТЧЫ–АЯЛДАРГА КАРАТА ЗОМБУЛУКТУН СЕБЕПТЕРИ ЖАНА КЕСЕПЕТТЕРИ

Анкеталык сурамжылоонун жүрүшүндө респонденттерге саясатчы аялдарга карата зомбулуктун себептери жана анын кесепеттери тууралуу суроолор берилди.

Эркек–респондттер, алардын пикири боюнча, физикалык, психологиялык, экономикалык зомбулуктун көрүнүшүнүн себеби эмнеде деген суроого жооп берип жатып, башкы себеп катары алардын депутат катары популярдуулугун төмөндөтүү, атаандаштыкты жок кылуу аракеттерин аташкан (54%). Андан ары, себеп катары алардын принциптерди кармангандыгы үчүн өч алуу, алардын саясий көз караштары (21%), аларды жана башка эркектерди саясатка аралашуу каалоосунан баш тарттыруу аракети (8%) көрсөтүлгөн. Респонденттердин 17%ы «башка» себебин көрсөтүшкөн, бирок аны такташкан эмес.

**15-сүрөт. Эгер Сиз физикалык, психологиялык, экономикалык зомбулуктун көрүнүштөрүнө туш болгон болсоңуз, ал нерсе кандай максат менен жасалган деп ойлойсуз? (%, аялдардын жана эркектердин жооптору)**




Сурамжылоого алынган аялдардын эки башкы себеп катары, аларды жана башка аялдарды саясатка аралашуу каалоосунан баш тарттыруу аракетин жана алардын депутат катары популярдуулугун төмөндөтүү, атаандаштыкты жоюу аракети (ар бири сурамжылангандардын 25%ы) аташты. Дээрлик ошол эле пайыз (24%) аларга карата зомбулуктун себеби катары саясат - аялдардын иши эмес экенин көрсөтүү максаты деп эсептешти.[62] Муну тереңдетилген интервьюга катышкан аялдар да ырасташты. Андан ары, төмөндөө иретинде принциптерди кармангандыгы үчүн өч алууну (15%) жана «башка» себептерди (11%) аташкан (15-сүрөт).

> *«Аялдар партиянын платформаларын окушат. Мындай билимдүү мамиле эркектерди ого бетер кыжырдантат. Шайлоочулар менен жолугушууда эркек талапкерлер партиянын платформасын карманбай, өз пикири боюнча суроолорго жооп беришет. Эгер алардын жообун оңдосоң, дароо эле алардын каршылашы болосуң. Ошондо сен жөнүндө ушундай акылсыз ушактарды тарата башташат. Ошондуктан, шайлоо өнөктүгү учурунда талапкер аял ар*

62. эркектерге бул суроо берилген эмес

*дайым сергек болушу керек, партиянын ичинде өзүнүн колдоо тобун түзүү керек».*

*(талапкер аялдардын биринин анкетадагы түшүндүрмөсү)*

Респонденттер жооп берген дагы бир суроо бул зомбулуктун себептерине алардын жынысы, жашы жана этникалык таандыктыгы сыяктуу факторлордун таасири жөнүндөгү суроо болду. Белгилей кетчү нерсе, сурамжыланган аялдардын кыйла көп бөлүгү жынысын (15%) жана жашын (9%) көрсөтсө, ал эми эркектер бул факторлорду такыр көрсөтүшкөн эмес. Тереңдетилген интервьюлардын катышуучу аялдар да муну тастыкташты, ошону менен бирге таасир этүүчү/басмырлоочу фактор катары жаш куракты да, чоң куракты да көрсөтүштү.

*«Мен көп жылдар бою Айыл өкмөтүндө иштегем, бардык айылдаштарымды жеке билем жана ошондой эле бардык көйгөйлөр менен таанышмын, ошондуктан мен депутаттыкка талапкерлигимди коюуну чечтим, бирок шайлоо өнөктүгү учурунда мага жаш талапкерлер тарабынан (эркектер да, аялдар да) менин пенсиялык курагым үчүн катуу сынга алындым, өтө көп учурда артымдан оппоненттерим депутаттыкка шаша турган эч нерсем жок, жаштарга жол берсем боло деп айтышчу. Ал эми мен, тескерисинче, пенсияда бош убактым көп болгондуктан, аны биздин айылыбызды өнүктүрүүгө жана коомго маанилүү болгон маселелерди чечүүгө арнагым келген, менин тажрыйбам депутаттык корпуста пайдалуу болмок деп эсептейм, бирок, тилекке каршы, мен жашым боюнча басмылроого дуушар болдум (эйджизм)»*

*«Аял жаш болсо, анда тажрыйба жок дешет, жашы жетилген болсо, анда жаш эмес деп эсептешет. Бул ирреттөө эркектерге эч кандай тиешеси жок».*

*(талапкер аялдар менен болгон интервьюлардан)*

**16-сүрөт. Жол берилгис көрүнүштөр жана/же зомбулук актысы сиз үчүн кандай кесепеттерге алып келди? (адам, эркектердин жана аялдардын жооптору)**




Талапкерлерге/депутаттарга карата жол берилгис жана/же зомбулук көрүнүштөрүнүн кесепеттерин караштырса, ал нерсе боюнча төмөнкүлөрдү белгилесе болот. Ошентип, респонденттердин көпчүлүгү (аялдар да, эркектер да) талапкер/депутат катары ишин улантууга чечкиндүүлүктүн күчөгөнүн көрсөтүштү (16-сүрөт). Аялдар, ошондой эле стресске, өздөрүнүн коопсуздугу жана өз жакындарынын коопсуздугу үчүн коркуу сези-

мине дуушар болгондугун, өзүн обочолонгондой, кандайдыр бир колдоодон ажыратылгандай сезгендигин, жана бул нерсе алардын ыйгарым укуктарын ишке ашырууга жана өз көз караштарын эркин билдирүүгө таасир эткенин белгилешти. Ушундай эле жоопторду тереңдетилген интервьюларга катышкан аялдар да беришти. Ошол эле учурда, эркектер гугл-анкетасы аркылуу өткөрүлгөн сурамжылоодо мындай жоопторду беришкен эмес, болгону саясий ишмердүүлүктү улантууга болгон өзүнүн чечкиндүүлүгүнүн күчөгөнүн гана белгилешкен. Балким, бул эркек өзүнүн алсыздыгын мойнуна албашы, коркуу сезимин сезбеши керек деген стереотиптик ой менен байланышкан болсо керек.

> *«Шайлоо өнөктүгү учурунда менин оппоненттерим мен жөнүндө ар кандай жалган маалыматтарды таратышып, мени талапкер катары каралоого аракет кылышкан, бул шайлоонун жыйынтыгына эч кандай таасир эткен жок – мен аялдар арасында эң көп добуш алдым, бирок мен буга байланыштуу стресске кабылдым, жана оппоненттердин мындай аракеттери мени башкы максаттан алаксытып, менин көңүлүм чөгүп, моралдык жактан аргам кеткен учурлар болгон»..*
>
> *(талапкер аялдардын бири менен болгон интервьюдан)*

# КОРУТУНДУЛАР

Жалпысынан алганда, саясий катышуу жагынан гендердик теңчиликти камсыз кылуу боюнча Кыргыз Республикасынын улуттук мыйзамдары прогрессивдүү мүнөзгө ээ, эркектер менен аялдардын тең укуктарынын, эркиндиктеринин жана аларды ишке ашыруу мүмкүнчүлүктөрүнүн конституциялык кепилдиктерин (Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-беренеси), аялдардын парламентте, шаардык жана жергиликтүү кеңештерде, ошондой эле айрым мамлекеттик органдарда (КР БШК, Эсептөө палатасы, Судьялар кеңеши) милдеттүү минималдуу өкүлчүлүгүн камсыз кылууга арналган шайлоо мыйзамдарында бир катар атайын чараларды камтыйт.

Атайын чаралардын системасы аларды колдонуусунда келип чыккан көйгөйлөргө жооп берип, дайыма өркүндөтүлүп жатканын да оң баалоого болот. Буга мисал – мандаттарды бөлүштүрүүгө укуктуу партиялардагы аял-талапкерлерге 30 пайыздан кем эмес мандаттарды баштапкы бөлүштүрүү талабын киргизүүсү. Бирок, мажоритардык система боюнча бир мандаттуу округдардагы шайлоо системасына кайтып келүү гендердик көз караштан алганда олуттуу артка кайтуу болуп саналат, анткени мажоритардык шайлоо системасы аялдар үчүн туура келбейт. Бир мандаттуу округдар боюнча акыркы парламенттик шайлоонун жыйынтыгы (2021-жылдын 28-ноябры) бул терс тенденцияны тастыктады – бир дагы аял мандат ала алган жок.[63] Бул Кыргызстандын соңку жаңы тарыхында мажоритардык шайлоонун жыйынтыгында парламенттин депутаттык мандаттарын жалаң эркектер алгандын экинчи учуру (биринчиси 2005-жылы болгон).

Ошону менен бирге Кыргызстандын саясатында аялдар азчылыкты түзөт, аялдар менен эркектердин өкүлчүлүгүндөгү дисбаланс бардык бийлик бутактарында жана чечимдерди кабыл алуунун бардык чөйрөлөрүндө белгиленет. Бул көбүнчө саясий кызматтардын деңгээлинде көрүнөт: 2021-жылдын 1-январына карата саясий мамлекеттик кызматтарда аялдардын үлүшү 24,3%ды, саясий муниципалдык кызматтарда – болгону 3,3%ды гана түздү. Эгемендүү парламенттин тарыхында андагы аялдардын өкүлчүлүгү 25%дан ашкан эмес, азыркы учурда ал болгону 21%ды түзүп, Борбордук Азия өлкөлөрүнүн ичинен эң төмөнкү көрсөткүч болуп саналат.[64] Ошентип, Кыргызстан БУУнун Социалдык жана Экономикалык кеңеши тарабынан сунушталган өлкөнүн парламентиндеги аялдардын максаттуу минималдуу 30%дык өкүлчүлүгүнө азырынча жетине элек. Кыргызстанда саясий партиялардын лидерлеринин, өкмөт мүчөлөрүнүн, шайлоого талапкерлердин арасында аялдар ондогон эсе аз.

Азыркы убакка чейин, көптөгөн мисалдарга карабастан, Кыргызстанда зомбулуктун көрүнүштөрүн формаларын, анын субъекттерин, себептерин жана башка аспектилерин изилдөөгө багытталган саясаттагы аялдарга карата зомбулук боюнча толук масштабдуу изилдөөлөр али жүргүзүлө электигин белгилеп кетүү керек.

Кыргыз Республикасынын улуттук мыйзамдары конституциялык деңгээлде да, кодекстердин деңгээлинде да, мыйзамдардын деңгээлинде да бүткүл укук тутумуна

63. Бишкектеги эки бир мандаттуу округдардан тышкары, (Биринчи май жана Свердлов), ал жакта шайлоо жараксыз деп табылган жана кайра шайлоо 2022-жылдын 27-февралына дайындалган; кийин Биринча май округунда Сурабалдиева Эльвира жеңген.

64. Өзбекстанда парламенттеги аялдардын үлүшү - 32,7%; Казакстанда – 27,1%; Тажикстанда – 25,8%; Түркмөнстанда – 25%.

мүнөздүү болгон «гендердик зомбулук», башкача айтканда жынысына карата кылынган зомбулук, деген түшүнүктү, ошондой эле «аялдарга карата зомбулук» деген атайын түшүнүктү камтыбайт. Улуттук мыйзамдарда гендердик зомбулуктун бирдиктүү аныктамасынын жоктугуна карабастан, анын спецификалык формалары (атап айтканда алардын алдын алуу, бөгөт коюу жана жабыркагандарга жардам көрсөтүү) мыйзамдардын ар кандай тармактарынын – кылмыш-жаза, кылмыш-жаза процессуалдык, үй-бүлө, эмгек, укук бузуулар жөнүндө мыйзамдар, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдар ж.б.. – ченемдери менен жөнгө салынарын моюнга алуу керек. Ошол эле кезде мыйзам тарабынан аялдарга карата зомбулуктун бардык учурлары жана бардык тармактарда толук аныкталган эмес, жана көйгөйлөр бар, дефинициялар, аныктамалар жагынан да, бул терс көрүнүштөн коргоонун жана сактоонун укуктук механизмдери жагынан да.

Бул изилдөө тобокелчиликке барып, саясатка барган аялдар кошумча кыйынчылыктарга, тоскоолдуктарга, анын ичинде саясатчы аялдарга карата зомбулукка, туш болоорун аныктады.

Бул изилдөөнүн жыйынтыгында Кыргызстандын саясатчы аялдары зомбулуктун бардык формаларына туш болоору аныкталган. Зомбулуктун ар кандай формаларынын тараган даражасына жараша (чоңунан кичинеге карай) аларды төмөнкү ырааттуулукта атап кетсе болот:

1. жагымсыз асылуулар же сексуалдык багыты менен талаптар, сексуалдык мүнөздөгү каттар жана билдирүүлөр түрүндө саясатчы аялдарга сексуалдык куугунтуктоо (аял катары куугунтуктоо) (97%);
2. психологиялык зомбулук, психологиялык зомбулуктун бир түрү катары коркутуулар, сексисттик сөздөр, кордоо, кемсинтүү, оозеки кордоо, коркутуу, шантаж жана коомдун алдында дискредитациялоо (32%);
3. эркектер менен экономикалык ресурстардын тең эмес жеткиликтүүлүгүнөн/ аларды бөлүштүрүүсүнөн, эркектер үчүн мындай чектөөлөр болбогон учурларда аялдар үчүн экономикалык чектөөлөрдүн фактыларынан көрүнгөн экономикалык зомбулук (30%);
4. аялдардын саясий ишмердүүлүгүн ишке ашыруудагы тоскоолдуктар, аларды атайылап сүйлөтпөй же унчукпай калууга мажбурлоо (сөздү бузуу, микрофонду өчүрүү) ж.б. (12-14%);
5. социалдык медиада, тармактарда жана массалык маалымат каражаттарында (ММК) саясатчы аялдар жөнүндө кемсинткен же сексуалдык мүнөздөгү сүрөттөрдү же комментарийлерди таратуу (11%);
6. куугунтуктоо, башкача айтканда кайталануучу жана жагымсыз жүрүм-турум, мисалы, коркуу сезимин пайда кылган жагымсыз көңүл буруу, баарлашуу же байланыштар (6%);
7. физикалык зомбулук же аны жасоонун коркутуулары (респондент–аялдардын 2%-ы жеке өз башынан өткөргөн жана 12%ы башка саясатчы аялдарга карата мындай учурларды билишет).

Изилдөө саясатчы аялдарга карата жагымсыз асылуу же сексуалдык мүнөздөгү та-

лаптар, сексуалдык мүнөздөгү  каттар жана билдирүүлөр түрүндө сексуалдык асылуу учурларынын (аял катары куугунтук) өтө көп таралышын аныктады: респондент–аялдардын  97 (!)%-ы алар мындай учурлар тууралуу билгенин, куугунтуктоонун кайталангандыгын айтышкан. Бул аракеттер партиялаштар тарабынан жасалган. Сексуалдык асылуу учурлары жашыруун болгондугун жана бул маселе боюнча соттук практика өтө начар болгондугун, ошондой эле мыйзамдардын жеткиленсиздигин (куугунтукка тыюу салуу жөнүндө атайын мыйзамдын жоктугу) эске алса, жогорку деңгээлдеги ишенимдүүлүк менен күнөөлүүлөр сексуалдык асылуулар үчүн жоопкерчилик тартышпагандыгын болжолдоого болот.

Иштердин дээрлик үчтөн биринде аялдар психологиялык зомбулуктун бир түрү катары коркутууларга туш болушкан, ал эми сурамжылангандардын дээрлик бештен бир бөлүгү (19%) башка саясатчы аялдарга болгон психологиялык зомбулук, сексисттик билдирүү, кемсинтүү учурлары жөнүндө билишет. Бул аракеттер байланыш каражаттары (мессенджерлер, социалдык тармактар, телефон, электрондук почта) аркылуу да, жеке байланыш аркылуу да (иш ордунда, партиялаштары менен жолугушууларда, коомдук иш-чараларда (шайлоочулар менен жолугушууларда, чогулуштарда, ж.б., көчөдө, ж.б.) ишке ашырылган. Зомбулуктун башка түрлөрүндөгүдөй эле, күнөөлүүлөр жоопко тартылган эмес, анткени укук коргоо органдары жабыркаган адамдарды коргоодон түз же кыйыр түрдө баш тартышкан.

Сурамжыланган аялдар туш болгон психологиялык зомбулуктун көрүнүштөрүнүн формалары бул коркутуулар, кемсинтүү, оозеки кордоо, шантаж жана коомдун алдында жаманатты кылуу. Ошентип, кемсинткен эскертүүлөрдү, сексисттик мүнөздөгү сөздөрдү сурамжылоого катышкан аялдардын 15% жана эркектердин 7% башынан өткөрүшкөн. Бул иш-аракеттер эркектер тарабынан гана эмес, аялдар тарабынан да бирдей болгондугун белгилей кетүү керек (муну эки жыныстагы респонденттер көрсөтүштү). Баарынан да аялдарга карата мындай аракеттерге саясий оппоненттер, ошондой эле жөн эле тааныштар жол берген. Азыраак даражада – аялдардын туугандары. Бул аракеттер жеке жолугушууларда көбүрөөк орун алган. Талапкер аялдарды кемсинткендер ар кандай себептер менен эч кандай жоопко тартылышкан жок – болжол менен бирдей сандагы сурамжылангандар алар укук коргоо органдарына кайрылбаганын көрсөтүшкөн же кайрылса да, аларды түздөн-түз же кыйыр түрдө коргоодон баш тартышканын билдиришкен.

Сурамжылоого катышкан аялдардын дээрлик үчтөн бири (30%) экономикалык зомбулукка кабылган. Аялдар үчүн экономикалык ресурстарга/алардын бөлүштүрүүсүнө эркектер менен бирдей тең жетүү мүмкүнчүлүктөрү болгон эмес. Көбүнчө экономикалык зомбулук, логикага ылайык, «эркектер тарабынан гана» же «көбүнчө эркектер тарабынан» болгон. Зомбулуктун башка түрлөрү сыяктуу эле, эч ким жоопко тартылган эмес. Албетте, бул аялдардын бул маселени көтөрбөгөндүгү менен гана эмес, мыйзамда бул аракеттер мыйзамсыз деп эсептелбегени менен да түшүндүрүлөт. Көп жагынан аялдардын экономикалык чектөөлөрү жалпысынан алардын экономикалык ресурстарга эркектер менен бирдей эмес жеткиликтүүлүгүнө байланыштуу. Белгилүү болгондой, шайлоо өнөктүгүн өткөрүү, үгүт иштерин жүргүзүү (шайлоочулар менен жолугушуулар, үгүт басма жана видеоматериалдар) олуттуу каражаттык салымдарды талап кылат, ага аз сандагы аялдар гана ээ.

Аялдарга карата зомбулук көрсөтүүнүн дагы бир түрү – бул алардын оозун жабуу жана атайылап сүйлөөгө мүмкүнчүлүк бербөө, бул суроого жооп берген аялдардын 12%ы мындай нерсеге туш болгон. Көбүнчө андай аракеттер эркектер тарабынан көбүрөөк же эркектер тарабынан гана, көбүнчө саясий оппоненттери тарабынан болуп келген. Буга чейинки учурлардай эле эч ким жоопко тартылган эмес, ал эми бир учурда аялдын кайрылуусуна көңүл бурулбай калган. Сиз башка саясатчы аялдар өз ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө тоскоолдуктарга туш болгон (аларга атайылап сүйлөөгө мүмкүнчүлүк берилген эмес же аларды оозун жабууга мажбурланган (сөзүн үзүшүкөн, микрофонду өчүрүшкөн, ж.б.) учурлар тууралуу билесизби деген суроосуна жооп берген аялдардын 14%ы «ооба» деп жооп беришкен. Сурамжыланган эркектердин эч кимиси өзүнө карата мындай учурларга туш болгон эмес.

Куугунтукка, башкача айтканда, психологиялык зомбулуктун бир түрү катары коркуу сезимин пайда кылган кайталанган жана каалабаган жүрүм-турумга, мисалы каалабаган көңүл бурууга, баарлашууга же байланышка сурамжыланган аялдар жана эркектер сейрек учурларда дуушар болушкан (тиешелүүлүгүнө жараша 6% жана 10%). Эркектер жана аялдар саясий оппоненттери жана тааныш адамдары тарабынан куугунтукка алынганын көрсөтүшкөн, ал эми аялдар кошумча дагы бейтааныш адамдар тарабынан куугунтукка алынганын айтышкан. Куугунтук көчөдө, жолугушууларда, ошондой эле мессенджерлер, социалдык тармактар, телефон, электрондук почта аркылуу болгон. Күнөөлүүлөр жоопко тартылган эмес, анткени сурамжылангандардын бири да укук коргоо органдарына кайрылган эмес.

Массалык медиадагы зомбулукту караштырганда мыйзамдык деңгээлде ишмердүүлүгү жөнгө салынган жана окуяларды чагылдырууда этикалык принциптерди сактоо практикасы калыптанган массалык маалымат каражаттары (ММК) саясатчы аялдарга карата кемсинткен же сексуалдык мүнөздөгү сүрөттөрдү же комментарийлерди таратууга сейрек учурларда гана жол беришкени аныкталган: Респондент–аялдардын болгону 6% гана мындай учурларга туш болушкан (бирок бир нече жолу). Бирок бул аракеттер социалдык тармактарда үчтөн бир бөлүгүндө болгон. Башка учурлардагыдай эле кемсинткен же сексуалдык мүнөздөгү сүрөттөрдү же комментарийлерди тараткандар жоопко тартылышкан эмес.

Респондент–аялдарга башка саясатчы аялдарга алардын шайлоо өнөктүгүнө катышуусуна, депутат катары саясий ишмердүүлүгүнө байланыштуу болгон физикалык зомбулук же аны менен коркутуу аракеттери тууралуу маалым болгондугу жөнүндө суроого сурамжылангандардын 12% оң жооп беришти. Депутаттыкка талапкер аялдарга жана учурда иштеп жаткан депутат аялдарга багытталган физикалык зомбулукка сурамжылоого катышкан 2 аялдын гана (2%) кабылганын көрсөттү, бул зомбулуктун ушул формасынын аз таралышы жөнүндө айтат. Эркек–респондттер алардын бири да физикалык зомбулукка кабылбаганын белгилешти.

Жалпысынан алганда, изилдөө күнөөлүүлөр саясатчы аялдарга карата зомбулук көрсөтүү үчүн сейрек же дээрлик эч качан жоопкерчилик тартышпаганын (зомбулуктун формасына карабастан), көбүнчө жабыркагандардын кайрылууларына көңүл бурулбай каландыгын, тийиштүү органдар тарабынан керек болгон коргоонун көрсөтүүлүсүнө ишенимдин жоктугу, өз кезегинде, аялдардын арыз берүү, билдирүү, кайрылуу жасоо аракетинен баш тартуусуна себеп болоорун көрсөттү.

Саясатчы аялдарга карата зомбулуктун көрүнүшүнүн эң кеңири тараган себеби, аялдардын пикири боюнча, бул аларды жана башка аялдарды саясатка аралашуу каалоосунан баш тарттыруу аракетин жана алардын депутат катары популярдуулугун төмөндөтүү, атаандаштыкты жоюу аракети (ар бири сурамжылангандардын 25%нан). Дээрлик ошол эле пайыз (24%) аларга карата зомбулуктун себеби катары саясат – аялдардын иши эмес экенин көрсөтүү максаты деп эсептешти. Андан ары, төмөндөө иретинде принциптерди кармангандыгы үчүн өч алууну (15%) жана «башка» себептерди (11%) аташкан.

Зомбулуктун себептерине алардын жынысы, жашы жана этникалык таандыктыгы сыяктуу факторлордун таасири жөнүндөгү суроо боюнча белгилей кетчү нерсе, сурамжыланган аялдардын кыйла көп бөлүгү жынысын (15%) жана жашын (9%) көрсөтсө, ал эми эркектер бул факторлорду такыр көрсөтүшкөн эмес. Терендетилген интервьюлардын катышуучу аялдар да муну тастыкташты, ошону менен бирге таасир этүүчү/басмырлоочу фактор катары жаш куракты да, чоң куракты да көрсөтүштү.

Талапкерлерге/депутаттарга карата жол берилгис жана / же  зомбулук көрүнүштөрүнүн кесепеттерин, таасирин караштырса, ал нерсе боюнча төмөнкүлөрдү белгилесе болот. Ошентип, респонденттердин көпчүлүгү (аялдар да, эркектер да) талапкер/депутат катары ишин улантууга чечкиндүүлүктүн күчөгөнүн көрсөтүштү. Аялдар ошондой эле стресске, өздөрүнүн коопсуздугу жана өз жакындарынын коопсуздугу үчүн коркуу сезимине дуушар болгондугун, өзүн обочолонгондой, кандайдыр бир колдоодон ажыратылгандай сезгендигин, жана бул нерсе алардын ыйгарым укуктарын ишке ашырууга жана өз көз караштарын эркин билдирүүгө таасир эткенин белгилешти. Ушундай эле жоопторду терендетилген интервьюларга катышкан аялдар да беришти.  Ошол эле учурда, эркектер мындай жоопторду беришкен эмес, болгону саясий ишмердүүлүктү улантууга болгон өзүнүн чечкиндүүлүгүнүн күчөгөнүн гана белгилешкен. Балким, бул эркек өзүнүн алсыздыгын мойнуна албашы, коркуу сезимин сезбеши керек деген стереотиптик ой менен байланышкан болсо керек.

Ошентип, Кыргызстанда саясатчы аялдарга карата зомбулук кеңири тараган көрүнүш деп аныктаса болот, ал бардык формаларда (аздыр-көптүр) көрсөтүлөт, өзүнүн максатын аялдардын саясий ишмердүүлүгүн чектөөдө же ал тургай жокко чыгарууда, аялдардын саясатка аралашуу укугуна жана баалуулугуна шек туудурууда көрөт,  ошону менен  бул көрүнүштөр көбүнчө жашыруун мүнөзгө ээ, жабыркагандар тийиштүү коргоого алынбай, ал эми күнөөлүүлөр (көбүнчө бул партиялаштар) жоопкерчиликтен качышат, зомбулуктун алдын алуу, ага каршы аракеттенүү, адан коргоо жана сактоо механизмдери укук, мыйзамдар жана практика деңгээлинде жөнгө салына элек. Ошол эле учурда саясатчы катары өзүнө карата зомбулуктун көрүнүштөрүнө туш болгон аялдардын көбү саясий ишмердүүлүктөн сейрек баш тартышат жана тескерисинче, өзүнүн саясий ишмердүүлүгүн улантууга чечкиндүүлүгү күчөйт

# СУНУШТАМАЛАР

### *Мыйзамдар деңгээлинде:*

- Улуттук мыйзамдарга (комплекстүү дискриминацияга каршы мыйзамдын алкагында жана мыйзам алдындагы актыларда) гендердик зомбулук жана аялдарга карата зомбулук түшүнүктөрүн киргизүү, ошондой эле зомбулуктун алдын алуунун, зомбулукка макулдашылган жооп кайтаруунун жана күнөөлүүлөрдү жоопко тартуунун, саясатта зомбулуктан жабыркагандарды зомбулуктун бардык формаларынан ар тараптуу коргоонун укуктук механизмдерин аныктоо;
- Эмгек чөйрөсүндөгү зомбулукту жана куугунтуктоону жоюу боюнча Эл аралык эмгек уюмунун 190 Конвенциясын ратификациялоо.[65] Бул конвенция эмгек чөйрөсүндөгү зомбулукту жана куугунтуктоону жүрүм-турумдун жана практиканын кабыл алынгыс формалары же аларды аткаруу коркутуулары катары аныктайт – бир жолу болгонбу же кайталанган учурбу, алардын максаты, натыйжасы же мүмкүн болуучу кесепети – бул физикалык, психологиялык, сексуалдык же экономикалык зыян келтирүү, анын ичинде гендердик зомбулук жана куугунтуктоо; «гендердик зомбулук жана куугунтуктоо» термини жеке адамдарга алардын  жынысына же гендердик иденттүүлүгүнө карата багытталган же конкреттүү  жыныстагы же конкретүү гендердик идентүүлүгүндөгү адамдарга пропорционалдуу эмес түрдө таасир этүүчү зомбулукту жана куугунтуктоону билдирет жана сексуалдык асылууну камтыйт. Бул конвенцияны ратификациялоо жана андан кийинки эмгек чөйрөсүндөгү куугунтукка жана гендердик зомбулукка каршы күрөшүү механизмдерин киргизүү саясатчы аялдарды гана эмес, менчигинин формасына карабастан бардык уюмдарда жетекчилик кызматтарды ээлеген же талапкер болгон бардык аялдарды коргоого мүмкүндүк берет.

### *Укук коргоочу органдарга:*

- Саясатчы аялдардын аларга карата зомбулуктун ар кандай формалары көрсөтүлгөн учурлары боюнча кайрылуулары же көңүл бурулбай калган, же күнөөлүүлөрдү жоопко тартууга алып келбеген калыптанып калган практиканы өзгөртүү боюнча чараларды көрүү;
- Саясий чөйрөдөгү зомбулуктун кандай гана формасы болбосун алдын алуу боюнча профилактикалык иштерди жүргүзүү, өзгөчө саясатчы аялдарга карата зомбулуктун кеңири таралган түрлөрүнө карата;

### *Саясий партияларга:*

- Партия ичиндеги демократиянын чараларын өнүктүрүү жана зомбулуктун, куугунтуктоонун жана башка зомбулуктун көрүнүштөрүнүн алдын алуу жана коргоо механизмдерин киргизүү, партиянын мүчөлөрүнө карата жана/же партия мүчөлөрү тарабынан болгон зомбулук аракеттери боюнча кайрылууларды карап чыгуу үчүн атайын органдарды түзүү, ошол эле кезде бул органдардын ишмердүүлүгү, баарынан мурун, зомбулуктан жабыркагандардын кызыкчылыктарын коргоого жана коопсуздугун камсыз кылууга негизделиши керек;

65. https://www.ilo.org/wcmsp5/groups/public/---ed_norm/---relconf/documents/meetingdocument/wcms_712057.pdf

- Зомбулук кылбоо, куугунтукка, саясатчы аялдардын ролун басынтууга жол бербөө маданиятын калыптандыруу;
- Аялдардын партиянын бардык маселелери боюнча, анын ичинде экономикалык ресурстардын, мүмкүнчүлүктөрдүн жеткиликтүүлүгү боюнча, чечимдерди кабыл алуу процессине катышуусун камсыз кылуу;
- Өз партияларына мүчө болгон аялдарды шайлоо учурунда гана эмес, шайлоолор аралык мезгилде да колдоо үчүн атайын фонддорду түзүү;
- Партияга мүчө болгон аялдардын ар кандай бирикмелерин түзүүгө ар тараптан дем берүү жана көмөк көрсөтүү жана партияда чечимдерди кабыл алуу процессинде «аялдардын добушун» эске алынышын камсыз кылуу;

***Массалык маалымат каражаттарына, социалдык медиага:***

- Өз ишмердүүлүгүнө гендердик сезимтал журналистиканын стандарттарын киргизүү, басылмаларында, материалдарында саясатчы аялдарга карата кемсинтүү, кордоо көрүнүштөргө, гендердик калыс эмес көз караштарды жана стереотиптерди колдонууга, аялдарды саясаттан четтетүүнү актоого жана лидер аялдарга карата зомбулукка тартууга жол бербөө;
- Саясаттагы гендердик зомбулук көйгөйлөрүн, өзгөчө зомбулуктун жашыруун формаларын кененирээк жана тереңирээк чагылдыруу, бул терс көрүнүшкө коомдун жана өкмөттүн көңүлүн буруу;
- Аялдардын саясий жана коомдук турмушта эркектер менен тең укуктуулуктун негизде толук кандуу, тең, эркин жана демократиялуу катышуусу демократиялык өнүгүүнүн шарттарынын бири деген фактты толугу менен түшүнүп алуусун камсыз кылуу үчүн саясатчылардын, жамааттардын лидерлеринин, журналисттердин жана жалпы эл арасында аялдардын чечимдерди кабыл алуу процессине катышуусунун маанилүүлүгү жөнүндө маалымдоо жана агартуу кампанияларын жүргүзүү;
- Аялдардын саясий лидерлигине карата калыптанып калган терс гендердик түшүнүктөрдү өзгөртүү боюнча чараларды, гендердик сезимталдыкты жогорулатуу боюнча массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрү менен иштөө боюнча атайын программаларды туруктуу негизде ишке ашыруу;

***Өкмөттүк эмес уюмдарга жана эл аралык уюмдарга:***

- Саясаттагы гендердик зомбулуктан жана аялдарга карата зомбулуктан сактоо жана коргоо механизмдерин өз ишмердүүлүгүнө киргизүүгө умтулган саясий партиялардын, мамлекеттик органдардын демилгелерине активдүү көмөк көрсөтүү;
- Саясий чөйрөдөгү зомбулуктун ар кандай формалары, зомбулуктан коргоо жана бул көрүнүшкө активдүү каршы туруу чаралары боюнча лидер аялдардын маалымдуулугун жогорулатуу практикасын кеңейтүү;
- Аялдардын тилектештигин, аялдардын түрдүү топторунун кызматташтыгын кеңейтүү жана өнүктүрүү боюнча программаларды жана демилгелерди туруктуу негизде колдоо;
- Зомбулуктун көрүнүшүнө алып келген спецификалык факторлорду, шарттарды аныктоо, ошондой эле саясий чөйрөдө жыныска карата зомбулуктун алдын алуу жана жоюу боюнча ийгиликтүү механизмдерди, практикаларды аныктоо үчүн

саясаттагы гендердик зомбулук жана аялдарга карата зомбулук боюнча изилдөөлөрдү улантуу.

***Өкмөттүк эмес уюмдарга жана эл аралык уюмдарга:***

- Аялдардын тилектештигин кеңейтүү жана колдоо, гендердик зомбулукка жана аялдарды жана кыздарды басмырлоого каршы күрөштө бири-бириңерди колдоо, анткени андай нерселер менен бардык аялдар, партияга таандыктыгына, мүлктүк абалына, улутуна, билимине, ден - соолугуна жана башка социалдык өзгөчөлүктөрүнө карабастан дуушар болушат.